***Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги***

***К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети***

***Философия жана жалпы тарых кафедрасы***

СООРОНБАЕВА Ч. К.

# ***Ф И Л О С О Ф И Я***

***Лекциялар топтому***

***1-бөлүк***

Каракол -2016

УДК________1/14__________

ББК__________87_________

ЫМУнун Окуу-методикалык бирикмеси (___________2016-№ ____ токтому), Окумуштуулар кеңеши (__________2016-№_______ токтому) тарабынан басмага сунуш кылынды

**Рецензент:**

К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин социология жана политология илимдер кафедрасынын башчысы, соц. ил. канд., доцент Б.А.Малтабаров

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун тарых жана туризм факультетинин окутуучусу ф.и.к., доцент Ж.К.Керимкулов

**Түзгөн:** Сооронбаева Ч.К.

ISBN 978-9967-454-96-5

«Философия» предмети боюнча лекциялар топтомунун 1-бөлүгү

Сооронбаева Ч.К. К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, Каракол 2016

Философия курсу боюнча бакалавр багытында билим алган бардык кесиптеги студенттерге арналат. Лекциялар топтому мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык жогорку профессионалдуу билим берүүнүн бардык кесиптегилер үчүн түзүлдү. Дисциплина жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык илимдер компонентине кирет .

ISBN 978-9967-454-96-5

УДК_____1/14______

ББК______87_____

© Түзгөн : Сооронбаева Ч.К., 2016 @ К.Тыныстанов ат.ЫМУ, 2016

***М А З М У Н У:***

***Киришүү***

***Философиянын маңызы  анын  коомдук турмуштагы ролу тууралуу түшүнүк***

***Дүйнөгө болгон көз караш тын маңызы, түзүлүшү жана тарыхый типтери***

***Болмуш, материя философиядагы негизги түшүнүк***

***Аң-сезим  онтологиялык  статус***

***Тааным процессинин маңызы жана түзүлүшү***

***Диалектика жалпы өнүгүү жана байланыштар жөнүндөгү окуу***

***Философиялык антропология  XX кылымдагы Адам проблемасы***

***Жаратылыш философиясы жана коом философиялык проблема***

***Маданият философиясы жана баалуулуктар тууралуу окуулар***

***Социалдык прогноз (божомол) жана  келечек  жөнүндө  окуу***

***Адабияттар***

***Глоссарий***

## *КИРИШҮҮ*

Философия курсу интеллектуалдык ишмердүүлүктү өнүктүрүү менен, келечектеги кесибинде түрдүү маселелерди чечүүдө туура анализ жүргүзүп, багыт алууда ар тараптуу ойлоонууга, чечим кабыл алууга адамзат тарабынан иштелип чыккан принциптерди, баалуулуктарды, мыйзамдарды колдонушу керек.

Курстун тапшырмасы студенттерге ар тараптуу билим берип, алардын мифтик, диний, философиялык көз караштарын калыптандырып, дүйнө картинасы тууралуу жалпы маалымат берет .

Материалдуу жана рухий дүйнөнүн, жаратылыштын, ааламдын, адамдын, коомдун сырларын, мыйзам, принциптерин, глобалдык маселелердин орун алышын түшүндүрөт.

Студенттерди инсан катары калыптандырууда ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн өнүктүп, билимдерин рационалдуу жана ишеним менен кабыл алууга үйрөтөт.

«Философия» курсу методологиялык жактан дүйнөгө болгон көз карашын тереңдетип жана аны түшүнө билүүгө, илимий теориялардын мазмунун эмпирикалык жактан колдоно алууга жардам берет.

Студент философиялык ойлордун логикасын, коомдук рухий жашоого тийгизген таасирин, жашоонун квинтэссенциясын, ойлоонуу категорияларын, дүйнөгө болгон көз караштыметодологиялык типте өстүрүп философиянын функцияларын, болмуш, тааным, социалдык структураларды, коомдун динамикасын, маданиятын, цивилизациясын талдап, үйрөнүүгө окууга даярданат.

## ***Философиянын маңызы анын коомдук турмуштагы ролу тууралуу түшүнүк***

### ***Дүйнөгө болгон көз караштын маңызы, түзүлүшү жана тарыхый типтери***

Дүйнөгө болгон көз караш бул - адамдын аң-сезиминен ажырагыс атрибут. Ар бир адамдын дүйнөгө болгон көз карашы өз алдынча жеке-спецификалык мүнөзгө ээ.

Дүйнөгө болгон көз караш бул адамдын дүйнөгө болгон жана жашоого болгон көз караштарынын жыйындысы. Ал жөн гана дүйнө жөнүндөгү жалпы маалыматка ээ болуу эмес, адамдын өзүн-өзү таанып билүүсү, т.а. "дүйнө" жана "адам" түшүнүгүнүн категориялары болуп саналат. Ушул түшүнүк аркылуу адам жашоодогу ордун табууга аракеттенет. Дүйнөгө болгон көз караштын негизги маселеси бул "адам - дүйнө" мамилеси каралат. Адам үчүн бул өзгөчө рухий кубулуш, себеби анда компонентердин биримдиги жана бүтүндүгү, маанилүү роль аткарган элементтери да камтылат.

Дүйнөгө болгон көз караштын элементтери:

- *Жалпы билим* - негизги маалымат берүүчү база, адамдын дүйнө менен болгон мамилесинин маңызын ачуу керек болгон теориялык жана практикалык баардык билимдер керек болот. Адам жашоо кубулуштарынан тартып, интеллектиси менен ойлоп тапкан билимдерди да билүү менен улам көз карашын кеңейтет.
- *Ишеним* – ички дүйнөнүн социалдык-психологиялык, эмоционалдык элементтеринин кабыл алуусу болуп саналат. Буга жеке эле интеллектуалдык позиция гана эмес, эмоционалдык абал, туруктуу психологиялык түзүлүш, идея, принцип, көз караштардын биримдиги кирет.
- *Баалуулуктар* – айлана –чөйрөгө карата оң жана терс мамилелердин жыйындысы. Баалуулуктар мааниси жана

маңызы боюнча билимден айырмаланып турат. Ал адамдардын айланага, курчаган чөйрөгө, өзүнө карата өзгөчө мамилесин ишке ашыруу үчүн керектелет. Баалуулуктар мааниси жана маңызы боюнча билимден айырмаланып турат. Билим акыйкаттуулукка умтулса, баалуулук өзгөчө мамилени, жөндөмдү, кызыкчылыкты талап кылат.

- *Идеалдар* – толук максаттуу иш аракетке умтулууну камтыйт. Социалдык субьектинин обьектиге жана өзүнө карата баалоо функциясын аткарат.

- *Жашоо ченемдери жана принциптери* – адамдарга тиешелүү болгон жашоонун ченемдери жана эрежелери, чындыкты көздөгөн жашоо принциптери камтылган. Коомдук жашоонун ыгына карата жеке адамдардын белгилүү бир жүрүш-туруштарынын өзгөчөлүктөрү, критерийлери, каражаттары ж.б. кирет.

*Дүйнөгө болгон көз караштын түзүлүшүнө* эмоционалдык-психологиялык деңгээлдеги дүйнөнү сезе билүү жана дүйнө жөнүндө таанып-билүүнү калыптандыруудагы дүйнөнү кабыл алуу, интеллектуалдык деңгээлде дүйнөнү түшүнүү кирет. Ал эми дүйнө картинасын толугу менен түшүнүп билип, түзүү баардык билимдердин тапшырмасы болуп саналат.

Демек *дүйнөгө болгон көз караш* – баалуулуктардын, акылдын, эстин, сезимдин, интеллект менен кыймыл-аракеттин, күмөн саноонун, сындын, аң-сезимдүү ишенимдин интегративдүү биримдиги жана адамдын ички дүйнөсүнүн бүтүн системасы. Адамдар дүйнөнү түрдүүчө кабылдагандыктан түрдүү образдарды жаратып, жаңыртып, өзгөртүп турушат. Дүйнөгө болгон көз караш жалпы адамзаттык кубулуш, дүйнө картинасын ар түрдүүчө элестетип божомолдоп келген тапшырма бир канча доорлорду басып, аныкталган.

Андыктан дүйнөгө болгон көз караштын бир нече классификациясы да бар.

1.Теоретикалык жактан: практикалык жана теоретикалык;

2. Жалпылыгы боюнча: жеке, топтук, жалпы адамзаттык;

3. Тарыхый өнүгүш тиби боюнча: антикалык, орто кылымдык, ж.б.;

4. Тарыхый тиби боюнча: мифтик, диндик, философия;

Адамзат цивилизациясы конкреттүү сан менен өзүнүн дүйнө түшүнүгүн толук ача алган эмес. Азыркы философия болсо ал көз караштардын табышмагын, мыйзамченемдүүлүктөрүн, функцияларын айта алат.

*Мифтик көз караш* – алгачкы коомдогу универсалдуу көз караш болгон. Дүйнө элдеринин көз караштарын салыштырып карап келгенде, алгач алардын мифтеринин маанисинин окшоштугун байкоого болот. Экинчиден аң-сезимдин универсалдуу формасы катары миф кабыл алынган. Ал дүйнө түшүнүүнү, кабылдоону жана сезүүнү түзгөн. Мифтик аң-сезимде ар бир элдин акылдары жана поэтикалык байлыктары камтылган. Демек, алгачкы коомдогу адамдар жаратылыш менен коом түшүнүгүн ажыратып карай албай, ал гана тургай эмоционалдык мүнөздү да реалдуулуктан бөлө алышкан эмес. Ушундан улам мифтик көз караш баео түшүнүктү берген. Жашоо формасы улам убакыт алмашкан сайын өнүгүп отуруп, адам аң-сезими менен табигатты башкача кабылдай баштайт. Адамдар дүйнөгө башкача мамиле кылуу менен табигый жана табигый эмес, конкреттүүлүк менен метафоралык, символикалык түшүнүктөрдү алсыз абстрактуу түрдө өнүктүрүшкөн.

*Диний көз караш* - алгачкы жамааттык коомдон кул ээлөөчүлүк мезгилге өтүү менен коомдук жашоо да өзгөрөт. Диний аң-сезимде субьект менен обьектини туура бөлүштүрүү жана дүйнө телолук менен бирге рухий күчкө бөлүнөт. Мурдагы мифтик персонаждар эми дүйнөнүн феномени катары, алы жетпеген түшүнүккө айланат. Кудай тууралуу түшүнүктөр өз алдынча энтузиазм б.а. жашоо энергиясын түшүндүрө баштайт. Дин көп маанилүү кубулуш. Дин адамдын сүйүүсүн, сезимин,

жакшылыгын, күчүн, кайратын, парзын, акыйкаттуулугун, сабырдуулугун кайрадан иштеп чыгат.

***Философия дүйнөгө көз караш катары***

*Философиялык көз караш* - таасирдүү жана чындыкты даана ачкан көз караштардын топтому, далилдүү, маанилүү маалыматтардын жыйындысы.

«Философия» грек тилинен алынган, «акылмандыкты сүйүү» дегенди билдирет.

Философия – дүйнөгө болгон көз караштын эң жогорку түрү, чындыкты көздөгөн, теориялык жактан калыптанган, аалам, дүйнө, жаратылыш, коом, адам маселелеринин жалпы принциптерин жана мыйзамдарын окутат. Философия адам жана жаратылыштын байланышын, маңызын, сырын изилдейт. Анда жаратылыш менен дүйнөнүн , адамдын маңызын изилдейт.

Философиялык билимдердин курамы:

1.Аалам жана жаратылыш катмары – онтология, жаратылыш философиясы, өнүгүү теориясы;

2.Коом жана анын тарыхы катмары – социология, социалдык философия, тарых философиясы, маданият философиясы, аксиология;

3.Адам маселеси – философиялык антропология, антропософия;

4.Рухий процесстер катмары- гносеология,логика,этика, эстетика, дин философиясы,укук философиясы,информатиканын философиясы;

Демек философия:

- Адамдын дүйнө тууралуу көз караштарынын жалпылыгы;
- Дүйнөгө болгон көз караштын теориялык формасы;
- Илимий билимдерге таянат;

- Чындыкты изилдейт;
- Адам болмушунун абсолюттуу маселелерин чечет;
- Адам , жаратылыш, коом, дүйнө, аалам мыйзамдарын, принциптерин окутат.

*Философиянын функциялары:*

- Дүйнөгө көз караштык функциясы – дүйнө, адам, коом, жаратылыш тууралуу индивиддердин билимдерин системалаштырып, кеңейтет. Философиялык түшүнүктөрдүн аппараты катары кызмат аткарат.
- Фундаменталдык функция - чыныгы дүйнөнүн жалпы түшүнүктөрүн, принциптерин, изилдеп, илимий-практикалык жактан жашоого колдонууга керектейт.
- Методологиялык функция – адам ишмердүүлүгүнүн ыкмасынын стратегиялык деңгээлдеринин мүмкүнчүлүгүн түзүп, көп багыттагы факты жана процесстердин обьективдүү дүйнөдөгү чексиздигин ачат.
- Гносеологиялык функция – табигый жана коомдук кубулуштарды таанып-билүү менен теориялык жана практикалык ой-жүгүртүүнү ишке ашырат.
- Логикалык функция- адам ой жүгүртүүсүн, позициясын, мейкиндик аралык жана индивид аралык диалогдорун түзүүгө шарттайт.
- Тарбиялык функция – адам жашоосундагы дүйнөгө көз караштык, адептик, ахлактык, эстетикалык принциптерин калыптандыруу менен жашоо приоритеттерин изденүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.
- Аксиологиялык функция – баалуулуктар тууралуу окуу, адамдын жашоодогу баалуулуктарды, моралдык жана гуманисттик системаларды, идеалдарды, принциптерди аныктоого жардам берет.

- Интегративдик функция- адамдардын практикалык, таанып-билүүчүлүк, жашоо тажрыйбаларын бириктирген, шайкештик менен бирдей балансна салып туруучу шарт. Тарыхый процесстеги адамдардын интеллектуалдык рухий гана эмес, материалдык- практикалык жетишкендиктерин жана туура эмес терс мүнөздөгү тажрыйбаларын да жалпылап турат
- Прогноздук (божомол) функциясы – келечектин, дүйнөнүн абалы, процесстери, өнүгүшү жөнүндө көз караштарды калыптандырганга жардам берет.

Дүйнөгө болгон көз караш - бардык дүйнөгө болгон көз караштардын системасы. Анын ичинен философиялык көз караш логикалык түзүлүшкө ээ болгон, гноселогиялык жана логикалык категориялардын астында иштелип чыккан, аң-сезимдүү критерийлерге таянган, акыйкатты чагылдырган жогорку формадагы көз караш.

Философия - теориялык жактан иштелип чыккан көз караш, жалпы категориялардын жыйындысы, дүйнөдө адамдын алган орду, мамилеси илимдин негизинде логикалык аныктоого жакындаган система. Анда адамдын чыгармачылыгы жанданып, өзүн, дүйнөнү, коомдук практикалык жашоону, келечекти ойлонуу менен конструктивдүү түшүнүүгө алып келет.

## ***Болмуш, материя философиядагы негизги тушунук***

Болмуш тууралу окуу онтология ( грек тилинен *ontos* - *logos* – маанилүү окуу) деп аталат. Бул терминди биринчи жолу XVII-к. немец окумуштуусу Г.Гоклениус илимге киргизген. Анда философиянын түбөлүктүү маселеси жана адам жашоосунун түрдүү параметрлери, көз караштары камтылган. Болмуштун маңызы анын бардыгы тууралуу Байыркы Грецияда Парменид, аны өзгөрүлбөс, бир түрдүү, кыймылсыз жашайт деп эсептеген. Платондун ою

боюнча болмуш – идеялар дүйнөсү, ал акыйкаттуу, өзгөрбөс, түбөлүк жашайт. Гераклит болсо, туруктуу болмуш болбойт ал дайыма кыймылда болоорун айткан.

Азыркы учурдун философиясында болмуш тууралуу карама-каршылыктуу көз караштар айтылат. XX - кылымдын 20-60-жылдарында философиянын обьектиси катары адамдын ички болмушу экзистенция деп аталган. Экзистенция бул - дүйнөдөгү адамдын иррационалдуулугу, «предметтик болмушка» каршы чыккан, кайталангыс түзүлүштөн турат. Неотомисттер болсо кудай жаратуучу жана анын ички рухий мазмуну «таза болмуш» деп белгиленген. Ал эми неопозитивизм багыты болсо философия обьективдүү чындыкка дал келбейт ал ой жүгүртүү болмушу болот деп ойлошкон. Кандай түшүндүрмө болбосун болмуш аморфтуу түшүнүк эмес, ал дайыма конкреттүү аныктамага ээ, түзүлүшкө ээ болгон. Болмушка материалдуу жана рухий феномендер кирет.

Болмуштун формалары:

1.Табият болмушу – а) өзү жаралган болмуш - адамдын аң-сезимине көз карандысыз процесстердин,нерселердин болмушу,

б) адам тарабынан жаралган болмуш . Жаратылыш мейкиндикте чексиз, түбөлүктүү. Биринчи болмуш адамга көз карандысыз жашап, экинчи болмуштун пайда болушун шарттайт.

2. Адам болмушу - табигый, заттык, денелик, жекелик, топтук, рухий,инсандык комплекстердин жыйындысы. Адам болмушунун өзгөчөлүгү:

1. айырмачылыкты сезе алган жандык ( чоң – кичине, терең-тайыз);

2.акыл-эстүү түр катары жашайт.

3.социалдык-тарыхый жандык.

Адам болмушу экиге бөлүнөт: жеке адам болмушу – анда ар бир жеке адамдын тагдыры, мүнөзү, турмушу, рухий дүйнөсү каралат.

2.Жалпы адамзаттык болмуш – жалпы адам коому, анын өзгөрүш процессиндеги адамдын ролу жөнүндө айтылат.

3. Рухий болмуш - адам болмушунун ички абалы, дүйнөсү камтылат. Анда адамдын бүтүндөй психологиялык-эмоциялык абалдары, ой туюмдары, тилеги, максаты, идеялары, түшүнүктөрү камтылат. Рухий болмуш жеке рухий жана обьективдүү рухий болмуш деп бөлүнөт. Ага аң-сезимдүүлүк жана аң-сезимсиздик (бейаң-сезим) кирет. Рухий болмуш сезимдердин, ой-толгоолордун, эмоциалдык абалдардын, капа тартуунун же кубанычтуу учурдун, стереотиптердин, ишенимдердин көзгө көрүнгүс процесси. Ал аң-сезим менен байланыштуу болгондуктан кайра артка кайткыс мүнөзгө ээ. Мындай процесс айрым учурда башаламан болсо, кээде ирээттүү, туруктуу жана эркке жараша белгилүү деңгээлге ээ болот.

Обьективдүү рухий болмушта адам аң-сезиминдеги фрагменттер обьективтештирилет. Аң-сезим ыкма, ой, идея, ой топтомдор сакталып, жыйынтыкталып, социалдык мейкиндикте жана убакытта эркин формада ишке ашырылат.

4.Социалдык болмуш – ар бир адамдын коомунун болмушу. Ар бир адам тынымсыз өз ара мамиле куруу менен пикирлешип, контакттык кыймылда болот. Ар кимдин өзүнө тиешелүү социалдык тобу : үй-бүлөө, кызматтык жамааты, достору, замандаштары ж.б. бар. Адамдардын бүт кыймылы коомдук мамилелер менен ишке ашып, белгилүү социумду түзүп турушат.

Демек, болмуш категориясы - жалпы философиялык абстракция, анда жаратылыштын ар түрдүү кубулуштары, процесстеринин белгилери, жалпы адамзаттык жалпылыкты жана өз алдынчалуулукту, социалдык институттарды, деңгээлдерди, форма жана аң-сезимдин абалдарын бириктирип турат.

Мындай кубулуш жана процесстер болмуштун түрдүү сфераларына таандык болуп, жалпы негизди аныктап турат.

***Материяга философиялык тушунук***

Бизди курчап турган дүйнөдө  көп сандаган ар түрдүү нерселер жана кубулуштар бар. Ошол эле учурда дүйнө бизге бирдиктүү бүтүн система катары көрүнөт. Материя тууралуу байыркы философтор мындай деген,  дүйнөнүн алгачкы негизин баардык заттык, телолук нерселерди ажыратуучу курулуш материалдарды түшүнүшкөн. Алар алгач аба, суу, от деп эсептешкен. Кийинчерээк материя деп табияттын ар түрдүү нерселеринин жана кубулуштарынын түбөлүк жашоочу жалпы негизин түшүнө башташкан. Материя баардык буюмдарга, нерселерге жана кубулуштарга таандык касиет. Бул аң-сезимге көз карандысыз жашап туруучу, обьективдүү реалдуулук болуп саналат. Материалдык дүйнө учу-кыйырсыз, көп түрдүү, чексиз, түгөнгүс, татаал. Материя зат катары гана жашап турбастан талаа катары да ( ядролук, тартылуу) жашап турат. Материалдык обьектилердин ар кандай  өзгөрүлүшү, мейли заттардын физикалык же химиялык касиеттеринин өзгөрүлүшү болсун, Күндө же Космос мейкиндигинде болсун органикалык дүйнөдө же коомдук турмушта болуп жаткан өзгөрүүлөр болсун – булардын баардыгы кыймыл болуп саналат.

***Материянын  негизги  атрибуттары:***

Кыймыл материянын жашоосунун жолу  болот. Кыймыл материянын өзү сыяктуу эле обьективдүү мүнөзгө ээ. Материя түбөлүк болбогондуктан эч ким тарабынан жана  жок кылынбагандыктан анын негизги ажыраган касиети болгон кыймыл да түбөлүк, эч ким тарабынан жаратылбайт жана жок кылынбайт. Кыймыл табияты боюнча карама-каршылыктуу болот. Бул карама-каршылык кыймылдын өзгөрмөлүүлүгүн жана туруктуулугун, байланышын көрсөтөт.  Дүйнөдө материянын көп түрдүү абалдары жана көрүнүштөрү бар.  Алардын баардыгы кыймылдын негизинде ишке ашып турат. Кыймылдын төмөнкүдөй түрлөрү бар:

Механикалык кыймыл – түрдүү телолордун мейкиндиктеги аралашуусу, эң кичине бөлүкчөлөрдүн кыймылы, чоң көлөмдөгү телолордун жана космостук обьектилердин кыймылы кирет.

Физикалык кыймыл – нерселердин агрегаттык абалынын өзгөрүшүн, гравитация, жылуулук, жарык, үн, электромагнетизмдердин кыймылын камтыйт.

Биологиялык кыймыл – тирүү организмдеги түрдүү биологиялык процесстерди түрдүү образдарынын кыймылы кирет.

Химиялык кыймыл – жаратылыштагы органикалык жана органикалык эмес кыймылдардын жүрүшү менен айлануу процессинин үзгүлтүксүз жүрүп жатышы эсептелинет.

Социалдык кыймыл – ой жүгүртүү жана коомдук өзгөрүштөрдү камтыган адамга жана адамдар тобуна тиешелүү кыймыл.

Бул кыймылдын түрлөрүнүн формалары өз алдынча болгону менен бири-бири менен байланышта. Азыркы учурдагы илимде кыймылдын дагы да жаңы түрлөрү, материянын кыймылына жараша синтетикалык кыймылдар, жаңы кыймылдын классификациясы пайда болгон. Аларга : информациалык-кибернетикалык, астрономиялык, галактикалык аралык, планеталар аралык кыймылдар кирет.

Материянын кийинки ажырагыс атрибуттарынын бири болуп мейкиндик жана убакыт эсептелет. Философиянын тарыхында материянын жашоосу тууралуу эки концепция бар. Алар биринчиси, субстанционалдык – анда мейкиндик менен убакыт өзгөчө субстанция материяга көз карандысыз, чогуу жашаган маңыз катары каралат. Мисалы, Ньютондун ою боюнча абсолюттуу мейкиндик бар, ал асман телолоруна көз карандысыз жашаган боштук. Мындай көз караштар 17-к. – 19-к. пайда болгон.

Экинчи концепция – реляциондук концепция – анда мейкиндик менен убакыт өзгөчө субстанция катары эмес, материалдык обьектилердин формасы катары жашайт деген көз

караш айтылган. Бул көз караш диалектикалык материализм менен өнүгүп, табигый илимдердин өнүгүшүнө салым кошкон. Бул эки атрибут дүйнөнүн уюшулушунун универсалдуу формасынын функциясын аткарат. Ар бир материалдуу обьект өзүнө тиешелүү мүнөз күтөт: узундук, тереңдик, бийиктик ж.б. Ал башка телолор менен бирдикте жашап, глобалдуу системада өзүнүн конкреттүү ордун ээлеп турат.

Нерсенин жашашы жана орун алышы мейкиндикти түшүндүрөт. Демек, мейкиндик бул – материянын формасы, материалдык системалардын жашашын, структурасын, элементеринин өз ара жашашын мүнөздөп турат.

Чыныгы материянын өзү пайда болушу , өзгөрүшү, бир кубулуштан экинчи кубулушка өтүшү процесс болуп саналат. Бул түшүнүк убакытты билдирет. Убакыт – материянын болмушунун бир формасы, материалдык системалардын өнүгүшүнүн, өзгөрүшүнүн абалын, жашоосунун узактыгын мүнөздөп турат. Мейкиндик менен кыймылдын өздөрүнө тиешелүү касиеттери бар. Жалпысынан обьективдүү, жалпылуулук, түбөлүктүү, чексиз жана салыштырмалуу.

Материянын төртүнчү негизги касиети чагылдыруу эсептелет.

Чагылдыруу – материалдык системалардын башка системалардын таасири менен материянын жаңы касиетин ачуусу – ал из болуп саналат. Материалдык аныктама катары издердин калышы мисалы, адамдын баскан изи, жаңырык, күзгүдөгү чагылуу, суунун үстүнкү катмарынын чагылдырып сүрөттү көрсөтүүсү мисал болот.

Чагылдыруу: физикалык, химиялык жана механикалык, биологиялык кубулушта болот.

Материя - латын тилинен келип чыккан, биздин тилде зат, заттык дегенди билдирет.

Материя тууралуу көз караштардын биринчи этапы - антикалык философия, анын негизинде нерселердин алгачкы башаты материалдар деп эсептешкен. Мисалы, философ Фалес баардык нерселердин башаты суу ал өсүмдүктөргө, жандыктарга, адамдарга керек. Гераклит боюнча дүйнө негизи от, андан Күн, жылдыздар жана башка телолор жаралган. Кийинчерээк Демокрит нерселер бөлүнгүс эң жөнөкөй атомдордон турат деген идеяны айткан. Демек, антиктердин ою боюнча материя бул баардык нерселер эмнеден турса ошолор эсептелген.

Материя тууралуу экинчи этап – XVI - XVII кылымдагы Жаңы Мезгилге таандык. Бул учурда нерселердин өзгөргүс касиети физикалык түшүнүк катары кабыл алынган. Материя метафизикалык деп аталып, илимий изилдөөлөрдүн методологиялык негизи болгон.

Материя тууралуу үчүнчү этап – XX -кылымдын көз карашына таандык. Анда материяны илимий табияттын көрүнүшү эмес, философиялык аспектиде карап, материя маңыз жана субстанция деп атала баштайт.

Материя обьективдүү реалдуулукту чагылдырган философиялык категория, аны адам аң- сезими менен кабыл алып, таанып, билет.

1.Материя – жаратылыштын көп түрдүү обьектилерин, системаларын, түрдүү касиеттерин менен кошо камтыйт.

2. Материя адамга көз карандысыз жашап, аң-сезимде чагылдырылат.

3.Материя адамдын сезиминен тышкары реалдуу жашап, потенциалдуу обьектилердин улам жаңы касиети ачылып турат.

*Материянын түзүлүшү*

Материянын түзүлүшү бул анын материалдуу системаларынын бирдиктүүлүгүндө, уюшкандыгында жатат.

1.Жансыз материя  - микродүйнө – (микроэлементардык бөлүкчө) - элементардык бөлүкчөлөрдүн жана талаалардын өз ара кыймылы кирет. Бул өтө кичине обьектилерден  баштап ( $10^{-14}$ нан $10^{-8}$ на смга чейин) кирет, анда бөлүкчөлөрдүн жашоо убактысы секунданын миллиардаган  бөлүгүнө  барабар болот.

Макродүйнө – буга атомдор, молекулалар, макротелолор, планеталар, жылдыздар, планеталар системасы т.а. обьектилер ( $10^{-8}$ нан 10н$^{-24}$ а чейин) кирет.

Мегадүйнө – жылдыз аралык мейкиндиктер, галактика, галактика аралыктар ы кирет.

2.Жандуу материя – Жер планетасына таандык система. Материянын мыйзам ченемдүүлүгүнө баш ийген табигый жашоонун өзү кирет. Ага баардык тирүү маңыздар, өнүгүүгө, өсүүгө, көбөйүүгө жөндөмдүү.

3.Коом -  социалдык жактан уюшулган материя – жашоонун өнүгүшүнүн эң жогорку формасы, түрдүү деңгээлдеги индивиддердин  ишмердүлүгүнүн, ой жүгүртүүсүнүн жыйындысы.

Материяны  түшүнүүнүн эки көз карашы бар: философиялык жана табигый –илимий жолу.  Табигый-илимий жолунда  материянын физикалык жана структуралык түзүлүшүн аныктаса, философияда маңыз катары т.а. субстанция предметтер жана кубулуштардун көп түрдүүлүгү катары каралат.

Дүйнөнү түшүнүүнүнүн потенциялары.

Дүйнөнү түшүнүүнүн  3 потенциясы бар:

1.Монизм – (моно-жалгыз) -  дүйнө субстанциясы бир гана негизден турат деген көз караш. Мисалы: идеалисттик же материалисттик көз карашка таянуу.

2. Дуализм – (дуа –эки) – дүйнө субстанциясы эки негизги көз карашка таянат. Мисалы:  идеалистик жана материалисттик көз караштарды айтат.

3.Плюрализм – ( плюра – көптүк) – дүйнө субстанциясы көп негизге таянат.

## *Аң-сезим онтологиялык статус*

Адам сырткы дүйнөнү жөн гана кабыл албастан ал тууралуу ой жүгүртө алат. Аң-сезим проблемасы өтө татаал маселе, себеби ал табышмактуу. Аң-сезимди биз өлчөй албайбыз, сүрөтүн да тарта албайбыз. Аң-сезим жөнүндө изилдөө канча убакыт өтсө да сыры белгисиз бойдон калды. Аң-сезим адам баласына гана таандык касиет, күч-кудурет. Аң-сезим аңдалып-баамдалбаган болмуш, обьективдүү дүйнөнүн субьективдүү образы. Ал адамды адам кылып турган, башка жан-жаныбарлардан айырмалап турган касиет. Аң-сезим болмуштун, дүйнөнүн чагылышы, айлана-чөйрөдөгү окуяларды сыпаттап, сүрөттөп, элесин көчүрөт. Аң-сезим канчалык сырткы дүйнөнүн сырын ачып, чегин кеңейткен сайын ошончолук аны өзгөртүп, түзүп, жаңылап, өркүндөтөт.

Алгач аң-сезим жөнүндө мистикалык түшүнүк пайда болуп, ал адам жашоосунун эң жооптуу «сезимтал» маңызы деп аташкан.

1. Идеалисттик көз караш - аң-сезим биринчи, материя экинчи деген көз караш. Аң-сезим адамга көз карандысыз жашайт. Ал кудайдын белеги болуп саналат.
2. Дуалисттик көз караш – материя жана аң-сезим өз алдынча тең салмактагы башталыш. Алар түбөлүктүү, эч ким жараткан эмес, демек дүйнөнүн эки субстанциясы бар.
3. XIX -к. 50-ж. баштаган вульгардык материалистик көз караш – мээден бөлүнүп чыккан нерсе аң-сезим жана ой болуп саналат. Аң-сезим материянын түрдүү көрүнүшү жана кайра идеалдуу образда чагылдырат. Адамдын чагылдыруусу активдүү –кайра жаңыртуучу касиетке ээ.

*Аң-сезимдин структурасы жана функциясы*

Аң-сезим адамдын ички дүйнөсү катары өзүнө тиешелүү структурага ээ. Алгач аң-сезимдин абалын ар түрдүү шартта карап көрөлү. Кээ бирде аң-сезимди психика түшүнүгү менен алмаштырып карайбыз. Бул туура эмес. Психика - өтө татаал кубулуш, ал өзүнө эки сфераны камтып турат: аң-сезимдүүлүк жана бейаң-сезимдүүлүк.

Бейаң-сезимдүүлүк психикалык кубулуштардын жыйындысы, абалы, кыймылы, ал акылдан сырткары турат. Ага : инстинкт - жашоо функцияларын камсыз кылуу үчүн багытталат.

Интуиция – чындыкка жеткире турган, бирок далилдөөгө мүмкүн эмес болгон процесс.

Автоматизм – адамдын татаал кыймылы, узак убакыттагы кыймылды кайталоонун негизинде пайда болгон аң-сезимсиз мүнөз. Андан тышкары түш көрүү, гиппондук абал да бейаң - сезимге кирет.

Аң-сезимдүүлүк менен бейаң-сезим адамдагы салыштырмалуу жана бирдиктүү, анда айрым учурда карама-каршылык, кээде конфликт болгону менен өз ара байланыш тынымсыз байланышта.

Ал эми аң-сезимдүүлүктө биринчи шарт экинчисин шарттап, бири-бирин толуктап турат.

Аң-сезимдүүлүктүн биринчи элементи – билим - аң-сезимдин ядросу. Адамдын талабына ылайык чындык билим катары берилет да , «дүйнө түзүп», чыгармачылык активдүүлүктү жаратат.

Экинчи элементи – эмоция – адам дүйнөнү жөн гана кабыл албастан, кандайдыр бир сезим менен, жек көрүү жана жакшы көрүү менен кабыл алат. Эмоция адамды стимулдаштырып реалдуу адамдын турмушунда роль ойнойт.

Эрк – адамдын ишмердүүлүгүндөгү толук багыттуу, сезимдүү багыт. Мындай жөндөмдүүлүк адамдагы психологиялык жана

жеке күчтөрүн багыттап обьективдүү жана субьективдүү тоскоолдуктарды ишке ашырат. Айрым учурда адамда айбандардай себепсиз багыт алуу жөндөмү да бар. Бул аң-сезимдеги абал жаныбарлардан калган көрүнүш болуп саналат.

Ой жүгүртүү - индивиддин таным ишмердүүлүгү жана жалпылаган мүнөзгө ээ болгон чындыкты чагылдырат. Абстрактуу түшүнүктөрдү, жоромолдорду, кулак менен угуп, көз менен көргөн, сезилген нерселерди кабыл алып, ишке ашырат.

Аң-сезим түзүлүшүнө көңүл буруу жана эске тутуу да кирет. Көңүл буруу адамдын психикалык ишмердүүлүгү ал эми эске тутуу – психикалык процес.

Аң-сезимдин функциялары:

Чагылдыруу, жыйноочу, баалоочу, максатка багыттоочу, жаратуучу, байланыштыруучу, башкаруучу милдеттерди аткарат.

Аң-сезимди калыптандырган факторлор:

1. Эмгек – адам курал-жарактарды жасоо менен ой жүгүртүп, сырткы дүйнөнү кабыл ала баштайт.
2. Тил, пикир алышуу - адамдардын жамаат болуп жашоосу менен калыптанган. Тил ой жүгүртүүнүн шарты жана куралы болуп саналат.
3. Адамдардын социуму же жамаат болуп жашаганы – аң-сезим коомдун продуктысы жана ал аркылуу өнүгөт.

Жыйынтыгында аң-сезим – жогорку деңгээлде уюшулган материянын касиети, материалдуу дүйнөнүн идеалдуу образы, адамдын ишмердүүлүгүн толук багыттоочу регулятору. Аң-сезим татаал жана узак процессте өнүгүп, функционалдуулукка жетти. Ал жаратылыштын эволюциясы астында чагылдыруунун натыйжасында өнүгүп, аны менен катар материянын кыймылынын социалдык формасында социалдык маңыз катары байланышта каралды.

Аң-сезим идеалдуу, реалдуулукту чагылдырууда жыйынтыкталган, бүткөн жана эталондук предметтик мүнөзгө ээ. Бир жагынан аң-сезим мейкиндикке жана убакытка өлчөнбөйт. Анын күчтүүлүгү жана уникалдуулугу татаал түзүлүшүндө, ал функция адамга өзгөчө жөндөм катары кызмат кылат.

## *Тааным процессинин маңызы жана түзүлүшү*

Тааным тууралуу философтор дайыма ойлонуп келишкен. Адам баласы курчаган дүйнөнү кантип жана кандайча таанайт? Философиядагы тааным жөнүндөгү окууну гносеология (*gnosis* – *logos* – тааным жөнүндөгү окуу) деп аташкан. Алгач тааным жөнүндөгү окууну англис табият таануучусу Томас Гексли киргизген. Тааным бул жөн гана кубулуштар жөнүндө жана жеке сезимдер жөнүндөгү билим эсептелген.

Тааным экиге бөлүнөт: 1. Сезимдик же сенсулисттик тааным; 2. Акыл-эстик тааным же рационалисттик тааным;

Сезимдик тааным адам сырткы дүйнөнү сезүү органдары аркылуу кандай кабыл алып тааныса ал сезимдик тааным болуп саналат. Мисалы: ысык-суук, катуу дабыш ж.б.

Акыл-эстик тааным – адам дүйнөнү акыл-эси аркылуу таанып, ой-жүгүртсө ал рационалисттик тааным болуп саналат.

Тааным теориясы бул – философиядагы багыт, адам ишмердүүлүгүндөгү таанымдын табиятын, закон ченемдүүлүктөрүн, шартын, жөндөм, формаларын жана акыйкаттын критерийлерин окутат.

Тааным процесси төмөнкү процесстер аркылуу ишке ашат:

1. Тааным субьектиси - ал обьектиге таасир эткен предмет, тело кубулуштар эсептелет.

2. Таанымдын обьектиси - адам ишмердүүлүгүндөгү жана таанымындагы обьективдүү чындыктын бир бөлүгү. Обьективдүү чындык адамга көз каранды эмес жашайт. Обьект болуп кубулуш, жаратылыш же коом эле эмес, адамдын өзү жана эрк, сезим, эс, акыл, ички дүйнө да эсептелет.

3. Таанымдын ортомчулары - материалдуу жана идеалдуу мүнөздөгү каражаттар кирет ( эмгек куралдары, инструменттер, түшүнүк, категориялар, образдар, моралдык нормалар, илимий ачылыштар, концепциялар).

Таанм теориясында субьек менен обьект өз ара диалектикалык байланышта, өз ара аракетте, биримдикте болуп келет.

Кайсы гана таанымды албайлы анын жыйынтыгы бул – образ. Образ – оригиналдын адекваттуулугу, окшоштугу. Образ белги менен белгиленет.

Белги - маалыматты материалдуу түрдө алып жүрөт. Анын функциясы маалыматтарды сактап, кайрадан берүү болуп саналат.

Таанымдын жыйынтыгы аң-сезимде гана сакталып калбастан муундан-муунга маалыматты алып жүрүүчү материалдуулук менен сакталып кала берет. Мисалы ар бир доордогу илимий ачылыштар белгилүү адамга тиешелүү деп айтылганы менен бүтүндөй адамзат коомуна тиешелүү болуп саналат.

Адамдын жашоо процессинде таанымдын эки кыймылдуу түрү бар:

- айлана-чөйрөнү өз алдынча таанып билет;

- айлана чөйрөнү таанымдын ишмердүүлүгү т.а. китептер, кинофильмдер, рухий жана материалдык маданияттын негизинде таанылат.

Философиянын тарыхында тааным жөнүндө эки көз караш бар:

-гностицизм жана агностицизм;

Гностицизм жаатындагылар т.а. материалисттер, таанымдын азыркы жана келечегине оптимисттик маанайда карашат. Алардын ою боюнча, дүйнөнү таанып-билүүгө адамдын потенциалы толугу менен жете алат жана таанымдын өзү чексиз болгондуктан уламдан-улам жаңы касиеттери ачылып турат.

Агностицизм багыты болсо – таанымды чектөө менен аны адам толук таанып биле албайт же болбосо дүйнөнүн өзүн таанып билүү мүмкүн эмес.

Азыркы мезгилдин философиясы гностиктердин оюн коштоп, тааным жөнүндө төмөнкүдөй жыйынтыкка келишкен.

Тааным - активдүү процесс, анын негизги күчү коомдук-практикалык ишмердүүлүк же практика эсептелет.

Практика - адам ишмердүүлүгүнүн сезимдик-предметтик түрү, коомдун талабына ылайык табигый жана социалдык чөйрөдөгү жөндөмдүүлүк. Практика адам болмушунун негизи, бүтүндөй ишмердүүлүгүнүн бардык формаларын аныктап турат.

Практиканын негизги түрлөрү:

Материалдык өндүрүү;

Башкаруу ишмердүүлүгү;

Илимий эксперимент;

Практиканын функциялары:

Акыйкат критерийлери;

Таанымдын негизи;

Таанымдын максаты;

Таанымдын жыйынтыгы;

Коомдук-тарыхый практика көптөгөн формаларга жана түрлөргө ээ. Негизги түрлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет.

1. Адамдардын материалдык-өндүрүштүк ишмердүүлүгү – жашоо үчүн колдонулган материалдык жактан жаратуучу. Андай материалдуу жаратуучу болбосо анда адам менен жаратылыш ортосунда алмашуу процесси жүрбөйт эле. Адамдар укук, саясат же экономика менен алектенер алдында алгач тамактануу, кийинүү жана турак-жайга ээ болушу керек. Ал үчүн эң биринчи кезекте адамдар жашоодогу материалдык каражатына эмгектениши керек.

2. Коомдук – саясий практика- мында мамлекеттик жана коомдук уюштуруу, мекемелик жана идеологиялык иштер камтылат. Бул практиканын түрүндө мамлекет аралык, улут жана социалдык топ аралык ички мамилелер ишке ашырылат.

3. Илимий-эксперименталдык ишмердүүлүк - практиканын өзгөчө түрү. Азыркы техгогендүү жана динамикалуу коомдо реактивдерсиз, приборлорсуз, полигондорсуз, ЭЭМ жана компьютерсиз элестетүү мүмкүн эмес. Жаңы материалдык баалуулуктар менен жаңы илимдерди ачууда илимдин материалдык элементтерин иштеп чыгат. Адам ишмердүүлүгүнүн теориялык жана практикалык жагы камтылат.

Практика тааным менен бирге жашайт. Практика – предметтик-материалдык ишмердүүлүк болсо, тааным – идеалдуу-образдуу ишмердүүлүк. Практика адамдын коомдук материалдык жагын чечсе, тааным – билим, идея, адептик- ахлактык чектерди жаратат.

Демек, тааным - обьективдүүлүк принциби, субьектинин эркине жана аң-сезимине көз каранды болбогон чындыкты обьективдүү түрдө таануу;

Тааным – таанып билүү принциби, адам билиминдеги чындыкты адекваттуу чагылдыруу жөндөмү;

Тааным – активдүүлүк принциби, чыгармачылыкты чагылдыруу;

Тааным- диалектика принциби, негизги мыйзамдар, категориялар аркылуу алга умтулуу;

Тааным – практика принциби, адам өзүн кыймылдаткыч күч катары сезип, таанып үчүн жаратылышты, коомду кайрадан жаңырта алат;

Тааным – конкреттүү акыйкат принциби, абстрактуу акыйкат болушу мүмкүн эмес жана акыйкат дайыма конкреттүү, ар бир илимий таанып конкреттүү орунда жана убакытта гана ишке ашат.

## ***Диалектика жалпы өнүгүү жана байланыштар жөнүндөгү окуу***

Диалектика жөнүндөгү сөз грек тилинен келип чыккан, кыргыз тилине которгондо талкуудагы талаш тактыкты жаратуу дегенди билдирет. Диалектика бул жеке адамдын аң-сезиминде гана жүрбөстөн реалдуу болмушта да болоорун байыркы Греция философтору байкашкан. Алгачкы диалектик байыркы грек философу Эфестик Гераклит эсептелет. Ал үчүн дүйнө күйүп турган от же дуунун агымы деп билген. Ошентип диалектиканын алгачкы стихиялык формасы пайда болгон.

1.Стихиялык – процесстердин маңызын толук таанып-билбеген болмуштун баео диалектикасы;

2.Идеалисттик – абсолюттук идеянын өзүн-өзү таанып билүүсү, жана өз алдынча өнүгүүсү;

3.Материалистик – таанымдын жалпы өнүгүүсү жана методологиясынын теориясы;

Философиянын тарыхында экинчи диалектик болуп немец окумуштуусу Георг Гегель эсептелет. Ал алгачкылардан болуп дүйнө жалпы өнүгүүнүн төмөндөн жогору карай, карама – каршылыктардын күрөшү, диалектиканын негизги категорияларын, закондорун иштеп чыккан.

1.Обьективдүү диалектика – коомдук жана табигый көрүнүштөрдүн өз ара байланышы жана өнүгүшү. Ал субьектиден, адамзаттан жана

адамдан көз карандысыз жашайт. Бул субьектинин ой жүгүртүүсүнүн жана обьективдүү дүйнөнү таанып-билүүнүн диалектикасы.

2.Субьективдүү диалектика обьективдүү диалектиканы чагылдырып турат. Обьективдүү жана субьективдүү диалектика жалпы мааниси боюнча бири бирине дал келгени менен ички өнүгүү логикасы жана формасы боюнча айырмаланат. Обьективдүү диалектика ой жүгүртүүдө чагылдырылат.

Диалектиканын принциптери жана өз ара байланыштарынын жалпылыгы.

Дүйнө ушунчалык ар түркүн жана чексиз. Ар бир обьект бир нече касиеттерден турат.

Диалектиканын байланыштарынын мүнөздөмөсү жана классификациясы:

Диалектиканын мындай байланыштары биринчиден обьективдүү мүнөзгө ээ, ал байланыш адамдын аң-сезимине көз каранды эмес, обьективдүү закон ченемдүүлүктөргө баш ийет.

Экинчиден, бардык байланыштар универсалдуу, алар бардык жерде, бардык көрүнүш, деңгээл жана абалдарда кездешет.

Үчүнчүдөн, материалдуу жана рухий дүйнөдө өз ара байланыштардын көрүнүштөрү жана процесстери тынымсыз байланышты түзүп турушат.

Төртүнчүдөн, байланыштар мүнөзү, татаалдыгы, тереңдиги, пайда болушу боюнча чексиз болушат.

Жогорудагы баардык байланыштардын өнүгүшү бирдей эмес, ошол байланышка ылайык ар бир предмет өзүнүн табиятын иштеп чыгат, айрымдары алдыңкы орундун милдетин аткарса, айрымдары экинчи милдетти аткарат.

Диалектиканын экинчи принципи – карама каршылык деп аталат. Дүйнөдө бардык нерселер, предметтер, кубулуштар карама-

каршылыктан турат. Мисалы, кара-ак, күн-түн, оң-сол, терең-тайыз,ысык-муздак,чоң-кичине ж.б. Карама-каршылыксыз дүйнөдө эч кандай кубулуш жүрбөйт.

Диалектиканын үчүнчү принциби - өнүгүү принциби анда баардык карама-каршылыктан турган нерселер, кубулуштар баардыгы жыйынтыгында өнүгүүгө алып келет. Анда бардык процесстер камтылган.

Диалектиканын концепциялары.

1. «Трагедиялык диалектика» - адамзаттын кызыкчылыгы үчүн колдонулуп жаткан прогресске азыркы коом даяр эмес.
2. «Диалектикалык теология» - дүйнөнүн өнүгүшүнүн негизинде Кудайдын субстанциясы бар, ал жаратылыш жаратылганга чейин эле жаралган, анын аты материя болуп саналат. Дүйнөнүн башаты да аягы да бар, анын жаратуучу кудай жөнүндөгү концепция.
3. «Негативдүү диалектика» - бир багыттуу, субьективдүү концепция, антидиалектика. Дүйнөдөгү аардык кыймыл, өнүгүүнү эмес жөн гана кайра-кайра кайталоону же орун алмашууну түшүндүрөт.

Диалектиканын мыйзамдары деген эмне?

Диалектиканын негизги борборунда карама-каршылык мыйзамы биринчи орунда турат. Бул мыйзамды тактоодон мурун анын категорияларына көңүл бурабыз. Карама-каршылык – бул философиялык категория, процесстердеги, предметтердеги, кубулуштардагы касиеттерди, тенденцияларды, ар тарабын толуктап турат. (ассимиляция – диссимиляция, ак-кара, оор-жеңил, терең-тайыз);

Дүйнөдөгү баардык нерселер, предметтер, кубулуштар карама-каршылыктардан турат. Баардыгы бири-бирине карама-каршы болгону менен бирин-бири жокко чыгара албайт. Мисалы : күн-түн, оң-сол, жылуу-суук, бар-жок.

Карама-каршылыктардын кыймылынын эки түрү бар: биримдик кыймылы жана карама-каршылык кыймылы. Бизди курчаган чөйрөдө карама-каршылыктардын көп багыттары бар, алардын классификациясы:

1. Пайда болуу формасы боюнча – ички жана сырткы;
2. Өнүгүү ролу боюнча – негизги жана негизсиз;
3. Өнүгүү мүнөзү боюнча - зарылдык жана кокустук;
4. Коомдун тиби боюнча – антагонистикалык жана антагонистикалык;

Бул мыйзамда түрдүү кыймылдардын өнүгүүсүн, негизги теориясынын суроолоруна жооп издейт.

Диалектиканын экинчи мыйзамы – сандык өзгөрүүдөн сапаттык өзгөрүүгө өтүү мыйзамы – өнүгүүнүн, өзгөрүүнүн поцесстеринин механизмдерин, ишке ашуу формаларын аныктайт. Алгач сапат, сан жана ченем, секирик болушу керек.

Сапат – перселерди, предметттерди, обьектилерди, кубулуштарды спецификалык жактан аныктайт.

Сан – бир типтүү кубулуштарды обьективдүү аныктайт.

Демек, дүйнөдөгү бардык нерселер сандык жана сапаттык өзгөчөлүккө ээ.

Ченем сапат менен сандын биримдиги, анда белгилүү сан белгилүү сапатка ээ. Өнүгүүнүн өзгөчө бөлүгү секирик болуп саналат. Секирик бул - бир сапаттын экинчи бир сапатка өтүү учуру, абалы, жөндөмү. Аны илимде «эволюция», «революция», «реформа» деп аташат.

Өнүгүүнүн негизги булагы бул – танууну тануу закону. Тануу категориясы бул – метафизикалык жана диалектикалык болуп бөлүнөт. Метафизикалык тануу – негизги акцентти эскинин жок болушу бул таптакыр жок болуу деп саналат.

Диалектикалык тануу – бул эскинин жаңы сапатка өтүү менен мурункунун элементтери жана функциялары жаңы сапатты пайда кылат. Бул тануу предметтерди толугу менен жокко чыгарбайт, жөн гана жаңыны пайда кылып, өнүгүүнү жаратат.

Демек эски менен жаңынын ортосунда байланыш бар. Диалектикалык тануу үч учурду өзүнө камтыйт:

1. Эскини талкалоо;

2.Эскинин элементтерин сактап калуу;

3. Жаңы нерсени жаратуу;

Эми биз тануунун тануу мыйзамын карайлы.

Алгач шарт абал түзүлөт, андан соң алгачкы шарттын элементтерин сактоо менен биринчи тануу процесси жүрөт. Экинчи процесс өзүнө чейинки эки абалдын функция элементтери менен жыйынтыгында экинчи тануу процесин жаратат. Бул тезис, антитезис жана синтез абалында өтөт. Мындай өнүгүүнүн шарты синтезди жаратат.

*Диалектиканын категориялары*

Диалектиканын категориялары бул обьективдүү дүйнөнү түшүндүрүү болуп саналат. Диалектиканын категорияларынын эки түрү бар: субстанционалдык жана салыштырмалуу. Биринчи категориялар – өз алдынча колдонулган, башка категориялар менен салыштырылып каралбаган категориялар кирет. Бул категориялар: болмуш, материя, кыймыл, өнүгүү, убакыт, карама-каршылык ж.б.

Салыштырмалуу категориялар – бул категориялар бири-бири менен өз ара органикалык байланышта, бирин түшүндүрүү менен экинчисин кошо түшүнүү зарыл. Аларга: жекелик – жалпылык, форма – мазмун, кубулуш- маңыз, бөлүк- бүтүндүк, себеп-натыйжа, кокустук – зарылдык ж.б. Диалектиканын категориялары обьективдүү, аныкталган, практика менен байланышкан, тарыхый, өзгөрмөлүү өзгөчөлшктөргө ээ.

Ал категориялар ой жүгүртүүнүн универсалдуу формасы, жалпы байланыштарды, касиеттерди, мамилелерди обьективдүү чындыкта чагылдырып турат.

## ***Философиялык антропология***

## ***XX кылымдагы Адам проблемасы***

Философияда адам проблемасы түбөлүктүү изилдене турган маселелердин бирине кирет. Адам тууралуу изилдөөлөр өтө кеңири жана татаал, адам маңызын, социализациясын, жашоосунун маанисин жана адамзаттык маселелерди чечмелөөгө аракеттенет. Философияда атайын спецификалык багыт - философиялык антропология адам жөнүндөгү философиялык окууну түзөт. Комплекстүү изилдөөдө адамдын дүйнөгө болгон көз карашын, функциясын, маңызын, анын келип чыгышын, жашоо тууралуу маанисин, тагдырын, мүмкүнчүлүгүн, эркиндигин, ойломун, таанымын жана чыгармачылыгын ж.б. проблемаларын толугу менен ачууга аракет жасалат. Адамды таанып билүү илиминин тарыхында бул маселелер татаалдыгы жана карама-каршылыктыгы менен улам жаңы жаңылыктарды ачып берүүдө.

Карап келсек, байыркы мезгилдерде, Милет мектебинин философтору адамды Космостун, стихиянын элементи катары эсептешип, Аалам - макрокосмос, адам болсо микрокосмос катары саналган. Ал эми байыркы философ Протагор адам бардык нерселердин ченеми деп атап, адамдын кайдан жаралганын изилдөөгө аракет кылышкан. Ал эми орто кылымда болсо адамдын жашоо турмушу диний түшүнүктүн негизинде каралган. Жаңы Мезгилдин философиясында адам таанып- билүүнүн субьектиси катарында каралган. Адам жалпы эле гуманитардык илимдердин изилдөө обьектисине айланган.

Адам катары калыптанышына сезимдик сапаттар таасир этет:

- мейкиндиктин учу-кыйрысыз экендигин сезүү;

- материалдык элементердин көптүгүн сезе алат;

- айырмачылыкты сезе алат;

- билинбеген көзгө урунбаган кыймылдарды сезе алат;

- органикалык биримдикти, түзүлүштү сезе алат;

Адам маселесин философияда карап келгенде , төмөнкүчө мүнөздмө беребиз.

1. Адам Ааламда кайталангыс жандык.

2. Адам табигаттын туундусу, биологиялык жандык, жаныбарлардан жогору, инстинктерге баш ийген, эркине, акылына баш бербеген сезимдерди ээрчиген табигый адам

3. Дин жолуна түшкөндөн баштап, жаныбарлардан бөлүнүп чыккан.Ушунусу менен адам динчил болуп саналат.

4. Башкы касиети болуп акыл-эстүү адам.

5. Табигаттан «экинчи» табигатты жараткан адам – курал-жарак жасаган адам.

6. Өзүнүн кыялдары менен символдор дүйнөсүн түзүп жашаган – символ түрүндөгү адам.

Адам формуласын философиянын тарыхында төмөнкүчө бөлүштүрүшөт:

1. Коомдук жаныбар – (Аристотель) – коомдук турмуштун эреже-талаптарына баш ийген, мамлекеттик саясий институттарга баш ийет.

2. Оюнкараак адам – (Хейзинг)- адамдын жашоо-турмушу оюн категориясына кирет.

3. Сүрөтчү адам – (Йонас) - дүйнөнү, айлана-чөйрйнү сүрөттөш, сыпатташ, элесин тартыш касиети адамды айбандан ажыратып турат.

4. Чыгармачыл адам –(Мюльган) – акыл, чыгармачылыкшык жөндөмү менен жашоосун чыгармачылыкта жашап келет.

5. Талкалагыч адам – табиятты бүлүндүргөн, кыйраткыч катары каралат.

6. Айласыз адам – биологиялык жандык катары колунан эч нерсе келбеген адам.

XX кылымда адам тууралуу жаңы философиялык концепциялар жаралып, антропологиялык бурулуш жасалат.

1.Биологизатордук концепция - табигый (биологиялык) факторлорлор адамга үстөмдүк кылуу менен анын жашоосун, коомун, жүрүш-турушун өзгөртө алат.

- Психологизм - адам табигатында ар түрдүүчө жаралат жана психологиялык-эмоционалдык абалдары тубаса коомдук тарыхый системага баш ийбейт.
- Натурализм - мында адам жаратылыш мыйзамдарына баш ийүү менен жашайт (географиялык чөйрө, биологиялык жана расалык өзгөчөлүктөр, климат шарты).
- Волюнтаризм –адам болмушунун эрки тууралуу концепцияны Артур Шопенгауэр негиздеп, аны акыл менен таанууга да болбостугун жазган.

2.Социологизатордук концепция - адамдын социалдык жашоосу менен анын жүрүш-турушу, интеллектиси, жөндөмдүлүгү, социалдык багыты каралат.

- Конвенционализм - позитивдик философияга жакын, конвенционалдык мүнөзгө ээ болгон, адам жашоосундагы жүрүш-туруш нормаларын жазып, эрежеге ылайыктоо саналат.
- Социологизм - вульгардык-материалисттик концепция, адам жаратылышын жокко чыгарып, социалдык шартка жараша адамды каалагандай өзгөртө алса болот деп ойлошот.

- Панлогизм - логика мыйзамы дүйнө түзүлүшүнүн мыйзамченемдүүлүктөрүнүн башаты. Адам анда дүйнөлүк акылдын каражаты катары кызмат кылат.

3.Спиритуализм – ( латын тилинен – *spiritualis* - рухий) – адамдын маңызы бул анын ички рухий дүйнөсү камтылат.

- Субьективдүү антропологизм - адам өзүнүн тагдырын, жоопкерчилигин, турмушун эркин тандап, жашоосунун долбоорун түзөт.

- Антропологиялык материализм - адам акыл, сезим жана эркке ээ болгон универсалдуу маңыз. Ушул универсалдуулугу менен башка жандыктардан айырмаланып турат. Абстрактууу мүнөздөгү бул концепцияда адам адам менен гана мамиле түзүп, АДАМ биримдигин түшүндүрө алат.

- Диний антропологизм - адамда Кудай түшүнүгү жана жаратылыш болмушу тең салмакта жашайт. Кудай түшүнүгү жаратылышка көз карандылыктан бошотсо, жаратылыш түшүнүгү кудайга карата эркин мүнөздө берилет. Адам жашоосу, тагдыры, бактысы, өлүмү үчүн кудайга ишенбей өтө албайт.

- Спиритуалисттик дуализм - адамды космостук түшүнүктө карайт. Космостук эволюциянын каражаты катары каралат.

Адам тууралуу түрдүү концепцияларды караганыбызда, анда позитивдүү жана негитивдүү ойлордун бар экенин байкайбыз. Позитивдүү ойлордун катарына : адамды изилдөөнүн өзү эле конкреттүү илимий багыт болуп саналат;

Эгер адамды автономдуу организм деп карап, изилдесек анда ал коомго да жаратылышка да көз карандысыз, таанып-билүүгө мүмкүн да эмес негитивдүү ойлор жаралат. Анда АДАМ кайдан жаралган, ушул тууралуу гипотезаларды карайлы.

Диний (теологиялык) гипотеза - Адам кудай тарабынан христиандык Кудай же ислам ишениминдеги Аллах жараткан макулук.

Космологиялык гипотеза - Космостон Жер жаралып, тумандуулуктан жашоо башталып, анда жаңы кыймылды алып жүрүүчү адам кошо пайда болгон. Бирок бул көз караш экперименталдык-практикалык жактан толук баасын ала элек.

Эволюциялык гипотеза - Х1Х-кылымдын экинчи жарымында биологиялык көз караштардан улам табигый тандоо теориясынын негизинде жандуу маңыздын эволюциясы келип чыккан.

Демек, Адам - жандуу маңыз, өзгөчө талаптарга, өндүрүшкө ээ болуу менен акылы аркылуу жашоосун түзүп, кайра аны өзгөртө да алат. Философияда караган, негизги аспект болуп жаралуу – жашоо- өлүм. Ушул айлампадагы суроого жооп табуу адамдын жашоосунун сыры эле эмес, эмне үчүн, ким үчүн жашап жатат деген маселени да карайт.

Демек, адам - биосоциалдык бирдик, социалдык, биологиялык, рухий дүйнөсү аркылуу өзүнүн саясий, диний, моралдык, психологиялык жагын аныктай алат.

Адам бул өзүнүн тарыхын түзгөн, өзгөрткөн, өнүктүргөн маңыз.

Адам өз өлүмүн өзү сезген, ал аркылуу жашоосунун чийинин иштеп чыккан жалгыз жандык.

1.Субстанционализм – адам баласынын жашоо-турмушу обьективдүү, абсолюттуу тартипте өтөт, т.а. дүйнөдө белгилүү бир тартип бар адам ошол тартипке баш ийет

2.Рационализм – акыл-эс аркылуу аңдалган жол-жоболорго баш ийет. Адам баардыгын таанып билет, талдайт, түшүнөт.

3.Натурализм – адамды биологиялык мыйзамдар башкарат. Адам баласынын ой-түшүнүгү, жасаганы табият берген касиеттерге жараша болот.

4.Персонализм – адамдын жекечелиги, тагдыры, жан-дүйнөсү, тажрыйбасы жогору коюлат.

5.Экзистенциализм – инсан маселеси, анын өзгөчөлүгү, эркиндиги бааланат.

6.Иррационализм – акыл-эске баш ийбеген, эркке көнбөгөн, түшүнүксүз күчтөр адамды бийлеп турат.

7. Транцендентализм – адам өзүнүн адамдык парзын аткарат, табият, тарых мезгилинен сырткары транс аркылуу ишке ашырат.

Адам маңызы беш деңгээлден турат:

1.Жандуу маңыз;

2.Ишмердүү маныз;

3.Коомдук маңыз;

4.Ой жүгүртө ала турган маңыз;

5.Чыгармачыл маңыз;

Инсан бул өзгөчө индивид же адамды айтабыз. Инсан – рухий-денелик бир бүтүндүккө ээ болгон, кайталангыс бирдик, өзгөчө адамды мүнөздөгөн, «Мен» аң-сезимине ээ, жашоодогу иш-аракеттин субьектиси, өз алдынчалуулукка, эркиндикке, өз жашоосуна өзү жоопкер. Инсан субьект, жашоосунун автору, идеал, максатынын, ойлорунун, максаттарынын субьектиси.

Америка философу У.Джеймс инсанды төмөнкүчө бөлүштүрөт: «Таза мен» - өзүнүн аң-сезиминин субьектиси; «Эмпирикалык мен» - баардыгын өзүнүкү катары кабыл алат;

Инсандагы Мен үчкө бөлүнөт:

1.Жеке тарап – дене, кийим, жакын адамдары, үйү, эмгеги кирет.

2.Социалдык тарап – үй-бүлө, достук, кызмат мамилелери кирет.

3.Рухий тарап – интеллект, адеп-ахлак, динний көз караштары кирет.

Индивиддин иш аракеттери канчалык көп болсо, социалдык коомдун максаттары менен талаптарына жооп берип, адамзат прогрессине таасир этсе ал ошончолук деңгээлдеги адам боло алат. Инсан негизи 3 бөлүктөн турат: 1.Биогенетикалык; 2. Социалдык факторлордун иш – аракетинен; 3. «Мен» психологиялык ядродон турат.

«МЕН» - бул адамдын ички рухий дүйнөсүнүн интегралдуу дүйнөсү, аны жөнгө салган борбору. Инсандын маңызы ал анын социалдык сапатында жатат. Инсан бул өзүнчө аң-сезими жана ишмердүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн, моралдык эрктик, социалдык – маданий сапаттарга ээ, динамикалуу интеллектуалдык мүнөздү камтыган адамдын бүтүн системасы. Адамды изилдөөдө андан өткөн чоң обьект жана субьект жок.

## ***Жаратылыш философиясы жана коом философиялык проблема***

Жыйырманчы кылымдын өзү адамдын жаратылышка интенсификациялуу аракетин тийгизгени, тынымсыз илимий техниканын өнүгүшү, пайдалуу кенчтердин саны өскөнү, калктын саны көбөйгөнү менен философияда жаратылыш актуалдуулукка айланган.

Адамдын аң-сезиминдеги негизги ой бул, жаратылыш дүйнөсүндө өз ордун табуу болгон. Жаратылыш жөнүндө алгачкы философиялык ойлор антик философторуна таандык. Аристотелдин оюу боюнча Жер жаратылыш жана ал хрусталь менен капталган сыяктуу жылдыздар менен курчалган. Пифагордун айтуусунда Жер шар формасындагы тело деген.

Орто кылымдарда болсо жаратылыш, Аалам, Жер баардыгы Кудайга таандык, анын башталышы болуп саналат. Негизги табигатка карата жетишкендиктер Кайра Жаралуу доорунун мезгилинде материалисттик жана идеалисттик көз караштар менен коштолгон. Гелиоцентристтик системаны негиздеген Н.Коперник Жер Күн системасындагы катардагы планеталардын бири. Жаратылыш чексиздик , сансыз дүйнөлөрдүн эсебинен турат. Илимий багытта жаратылыш адамдын изилдөөсү үчүн баалуу кенч, анда түбү да, аягы да жок обьект. Илимий-техникалык революциянын таасири менен жаратылышка карата көз караштар өзгөргөн. Ал эми философиялык деңгээлде, жаратылыш – обьективдүү дүйнөнүн бөлүгү.

«Жаратылыш» - эки мааниде каралат: кеңири маанисинде бул бүтүндөй курчаган дүйнө, Аалам. Тар маанисинде болсо - адам менен коомдун жашоосу өтүп жаткан каражат катары колдонулат.

Коом адамдардын бирдиктүү ишмердүүлүгүнүн максаттуу системасы , ага өз ара мамилелер, тартип, салт, маданият, эмгек кирет.

Жаратылыш коомдон алда качан эле жаралган. Жаратылыш адамдын жашоосунан ажырагыс шарты, уникалдуу ( аба, суу, температура, тамак-аш) чөйрө. Мындай уникалдуу жашоо шарты Жер планетасында гана кездешет. Азыркы астрономиялык илимде түрдүү жылдыздар жана планеталар системасы изилденип жатканы менен, мындай жашоо жоктугу далилденген. Башка планеталарга салыштырып караганда, Жер планетасындагы жашоонун болушуна таасирин тийгизгендер:

- Күн жана жылдыздар алардын тынымсыз айланып турушу;

- Жер Күндөн оптималдуу түрдө айтканда 150 млн. км. алыстыкта жайгашкан. Эгерде жакын аралыкта болсо балким кагыраган чөлгө, алыстыкта болсо муз катмары менен капталып жатат беле, ким билет.

- Жер өзүнүн салмагына , көлөмүнө жараша өлчөмдөргө ээ: айланып турган Меркурий, Плутон планеталары алсыз гана тартылуу күчүнө ээ болуп, атмосферанын абалына шарт түзүп турушат. Ал эми гигант Юпитер жана Сатурн планеталары күчтүү тартылуу күчү менен атмосфера окшогон оболочка менен капталып, өздөрүндө жашоонун жаралышына шарт беришпейт.

- Жер атмосфера менен күндүн жана башка радиациялардан сактап, кислород жана азот менен кармалып, тирүү организмдердин дем алуусун жөнгө салат, ошол эле учурда тез ысып же муздап кетүүдөн коргоп, температуралык тең салмактуулукту камсыздайт.

- Жер суу менен азыктанып, жашоонун эң зарыл элементине сугарылып турат.

Жаратылыш чөйрөсүнүн көлөмү туруктуу эмес. Адам ишмердүүлүгүнө жараша аны таанып-билүү кеңейип турат. Бүгүнкү күндө ал чөйрө өзүнө жер кыртышын, топуракты, сууну, жандуу жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү, атмосферанын төмөнкү катмары жана жакынкы Космос камтыйт. Адамды курчаган чөйрөнүн калыптануусу биосфера жөнүндөгү окууну пайда кылды. Биосфера терминин биринчи болуп австриялык геолог Эдуард Зюсс Жерди курчаган жашоону атаган. Анда жер бетинин жашоосу бар жана да улана берет. Жердин полюсу менен алганда биосфера калыңдыгы болжол менен 10 км.ди, экватор боюнча -28 км.ди түзөт. Биосфера аркылуу физикалык-химиялык, геологиялык, ж.б. өзгөчөлүктөргө ээ.

Жаратылыш - материянын өнүгүшү, коом болсо андан да жогору турган деңгээли.

Коом материалдуу дүйнөнүн бөлүгү, жаратылыштан бөлүнгөн, тарыхый жактан адамдын жашоо ишмердүүлүгүнүн формасы. Материянын кыймылы дегенде коом жаратылыш чөйрөсү менен тыгыз байланышта. Алар органикалык байланышта жана биримдикте каралат.

Жаратылыш менен коом обьективдүү түрдө адамдын аң-сезиминен сырткары көз карандысыз жашайт. Жаратылыштагы көп организмдер жалпы түзүлүшкө жана жалпы биологиялык, физиологиялык функцияны аткарат. Экинчиден, коом жаратылыштан тышкары жашабайт; үчүнчүдөн, жаратылыш менен коом материалдык жактан биригет. Ал биримдик процесстер менен предметтер мейкиндик менен убакытта материянын бардык формасында бар, негизинен өнүгүүнүн жалпы мыйзамы жеке жаратылышта гана эмес коомдо дагы бар. Жаратылыш менен коомдун ортосунда диалектикалык биримдик бар. Ошентсе да алардын айырмачылыгы алардын сапатында жатат. Ал айырмачылыктар:

- жаратылыш мыйзамдары зарылчылыктан келип чыкса, коом мыйзамы адамдын аң-сезими жана ишмердүүлүгү менен байланышта каралат;

- жаратылыш мыйзамдары түбөлүктүү, коом мыйзамы адам коомуна байланыштуу, коомдук-экономикалык формация менен чектелүү болот;

- жаратылышта динамикалуу жана статикалык мыйзамдар бар болсо, коомдо мыйзамдар статикалык мүнөзгө гана ээ, тенденциялуу болот;

- жаратылыш мыйзамдары таанууга жеңилирээк болсо, коомдук мыйзамдарды таанып-билүү оор, себеби алар жашыруун, анткени адамдар аркылуу ишке ашып жатканы үчүн сырткы көрүнүшү кокустан гана жаралышы мүмкүн;

Адам жаратылышка активдүү түрдө таасир этип турса, толук багыттуу түрдө эмгеги менен айырмаланат. Жалпы адамзаттык тарыхта жаратылыш менен коомдун өз ара аракети төрт мезгилди басып өттү:

- өздөштүрүү мезгили – жашоо үчүн ыкмаларды колдонуп жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу;

- агрардык мезгил – айыл чарбачылыкты колдонуу;

- индустриалдык мезгили- өнөр жайды жашоонун бөлүгү катары пайдалануу;

- ноосфералык мезгили - ноосферанын өнүгүшү менен байланышта каралат.

Биосфера жашоо сферасы болсо, адамдын жаралышы менен эволюциялык түрдүү процесстер жаралган. Адамдын акылы жер эволюциясына сапаттуу өзгөрүүнү алып келди. Адамдын жаралышы анын рационалдуу –технологиялык ишмердүүлүгү менен биосфера жаңы сапатты – ноосфераны пайда кылды.

Ноосфера ( грек тилинен noos – акыл-эс) – акыл-эс сферасы, жаратылыш менен коомдун өз ара байланышын адамдын акылы менен өнүгүү фактору болуп саналат. Илимге ноосфера терминин француз окумуштуулары Эдуард Леруа жана Пьер Тейяр де Шарден киргизип, ал жаратылыш жана адам болмушунун сферасы деп аташкан.

Ноосферанын негизги элементтери болуп :

А) адамдар жана алардын ишмердүүлүгү;

Б) техника, транспорттук байланыш, электростанция ж.б.;

В) маданий-экономикалык биримдиктер;

Г) жандуу жана жансыз жаратылыштын бөлүктөрү;

Илимдеги жетишкендиктерди санасак, суулардын агымынын өзгөрүшү, радиоактивдүү нурлануулар, дүйнөлүк океандагы суунун деңгээли, климаттын өзгөрүшүн изилдөөлөр, атмосферанын, суунун, топурактын канцерогендик нерселер менен булганышы ж.б. Ноосфера системасы татаал түзүлүштө, анын негизги элементи болсо адам, анын жаратылыш чөйрөсүн өзгөртүүсүнүн ар тараптуу кыймылдарын, жолдорун, жөндөмдүүлүктөрүн карайт. Ноосфера дайыма кеңейип, космостун структуралык элементине айланып бара жатат.

Демек, жаратылыш - обьективдүү материалдуу, көп түрдүү жана биримдиктүү чыныгы болмуш. Ал адам тарабынан жаратылбаган, андан адам жашоосу келип чыккан жалпылык жана зарыл өбөлгө. Жердеги жашоого болгон сфера - биосфера, анын жогорку стадиясы ноосфера.

Жаратылыш чөйрөсүнүн көп түрдүүлүгү коомдун өнүгүшүнө таасирин тийгизет. Окумуштуулар бул теорияларды абсолюттуу түрдө карашып, натуралисттик концепциясын географиялык детерминизм деп аташкан. Мындай көз караш XIX-кылымда кеңири тараган. XX-кылымда болсо ал географиялык детерминизм геополитика түшүнүгүнө алмашкан. Анда, айрыкча, географиялык абалын, кен байлыктарын ж.б. өзгөчөлүктөрүн мамлекеттердин басып алуу саясатын актоого аракет кылган.

Коом – кеңири маанисинде адамдардын биргелешкен ишмердүүлүгүнүн тарыхый калыптанган формаларынын жыйындысы. Тар маанисинде социалдык системанын конкреттүү тарыхый тиби, коомдук мамилелердин белгилүү бир формасы (мисалы: Гегелдин окуусундагы мамлекетке карама-каршы коюлган коом).

Коом – адам болмушунун мейкиндикте жайгашкан жана убакыт боюнча өнүгүп туруучу чөйрөсү, анын жашоосу менен ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү жана өндүрмөсү. Коом адамдардын материалдык турмушту өндүрүү жана кайра өндүрүү процессинде негизделген мамилелеринин суммасы болуп эсептелет.

Коомдун негизги бөлүктөрүнө :

- Антропосфера – биологиялык организм катары адамдардын жашоо сферасы;
- Социосфера – адамдар ортосундагы коомдук татаал мамилелер чөйрөсү;
- Биотехсфера – адамзатка техниканын тийгизген таасирин кеңейтүү чөйрөсү;

Коомдун пайда болушу адамдардын өндүрүштүк иш-аракеттеринин зарыл натыйжасы. Өз ишмердүүлүктөрү аркылуу адамдар бири-бири менен коомдук мамилелер деп аталган алакаларды күтүшөт, коомдук мамилелердин жыйындысы адамдардын ишмердүүлүгүнүн социалдык мүнөзүн аныктайт. Өндүрүштүк-материалдыктан тартып интеллектуалдык жана көркөм ишмердүүлүккө чейинки ишмердүүлүктөрдүн түрдүк иерархиясы коомдук мамилелердин иерархиясына шайкеш келет. Өнүккөн коомдун негизги чөйрөлөрү болуп өндүрүштүк (экономикалык), социалдык, саясий жана рухий чөйрөлөр эсептелишет.

Коомдун убакыт боюнча өнүгүшү тарыхты жаратат. Тарых муундар аралык тажрыйбаны, маданиятты, маалыматы топтоонун жана өткөрүп берүү сыяктуу социомаданий удаалаштыктын негизинде өнүгөт. Тарыхта болуп жаткан өзгөрүүлөр ар кандай типтеги коомдун, маданияттын алмашышын, адамдын инсан катары өнүгүшүн шарттайт. Өндүрүү процессинде пайда болгон коомдук байланыштар менен мамилелер адамдардын табиятка болгон мамилесин аныктайт.

Коомдун турмушу табият менен тыгыз байланышта. Адамдар табиятты өзгөртүп түзүп, аны өз керектөөлөрүнө ылайыкташтырышат жана коомдун материалдык негизине айландырышат. Адам коомунун жашоосунун жана өнүгүүсүнүн негизин өндүрүш каражаттары жана материалдык байлыкты өндүрүү түзөт. Ошондуктан бардык коомдук мамилелердин ичинен өндүрүштүк, экономикалык мамилелерге башкы роль таандык.

**С**оциалдык философия – философиянын коом деген эмне, анда адамдын орду кандай деген суроого жооп берүүнү көздөгөн бир бөлүгү. Ушул маанисинде коомдук философия теориялык социологияга жакындап кетет, айырмасы социология жашап жаткан коомду анализдеп, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктайт, ошол эле убакта Коомдук философия сындык функцияны аткарат. Философиядагы социалдык проблематика антикалык мезгилде

башталып, баарынан мурда Платондун («Мамлекет») жана Аристотелдин («Саясат») эмгектеринде кездешет. Коомдун өтө таасирдүү филос. жана социалисттик концепцияларына марксизм (К. Маркс, Ф. Энгельс), неомарксизм (Д. Лукач), либералдык теория (Л. фон Мизес, Ф. Хайек), «массалык коом» теориясы (Х. Ортега-и-Гасет), тоталитардык коом теориясы (Юнгер, Арендт, Мангейм), өнүккөн индустриялык коом теориясы (Франкфурт мектебинин өкүлдөрү: М. Хоркхаймер жана Г. Адорно, Г. Маркузе), постиндустриялык коом жана маалымат коом теориясы (Д. Белл, О. Тоффлер), «соңку модерн» коом теориясы (Гидденс) жана империялык глобализм теориясы (Хардт и Негри) кирет. Коомдук философия дүйнөгө көз караш, методологиялык жана гуманитардык функцияларды аткарат. Ал бардык гуманитардык илимдер, анын ичинде психология, лингвистика менен тыгыз байланышта болот.

## *Маданият философиясы жана баалуулуктар тууралуу окуулар*

Философияда маданият термини дайыма колдонулуп келген түшүнүктөрдүн бири. Маданият адамдын жашоосунда, саясатта, тиричиликте, илимде бардык тармакта кубулуш, феномен катары каралат. 1871-жылы Эдуард Тейлор маданиятка түшүндүрмө берип, андан кийин окумуштуулар так аныктама берип, маданият теориясын иштеп чыгууга аракеттенишкен. Философияда маданиятты тереңирээк түшүнүүгө аракеттенели. Маданият бул адам колунан жаралган нерселер гана маданият болуп эсептелинбейт, ар биринде сөзсүз түрдө баалуулук критерийи бар.

Коомдун жашоосу социалдык субьектилердин реалдуу жашоо процесси. Ал реалдуу жашоодо материалдуу нерселер гана эмес, идеалдуу жана рухий жашоо да керектелет. Коомдун рухий жашоосу көп багытты өзүнө камтыган адамдардын көз

карашынын, сезимдерининин, идеяларынын жыйындысы. Ага индивиддердин талабын гана орундатуу үчүн колдонулган материалдуулуктар гана эмес, коомуна жараша социалдык институттар да кабыл алынган. Рухий өндүрүү – ишмердүүлүктүн бир формасы, ал материалдуу өндүрүштүн негизинде өнүгүп, жалпы мүнөзгө ээ болуп турат.

Маданият бул каада - салттардын, ырым-жырымдардын социалдык нормалардын, жүрүш-туруштардун эрежеси. Бул кубулуш адам жашоосунун элементи, касиети, адамды жаратылыштан айырмалаган сапаттуу ишмердүүлүк. Маданият түшүнүгү жекече бир индивиддин жашоо ишмердүүлүгүн аныктайт. Азыркы мезгилдин илиминде маданият тууралуу бирдиктүү түшүнүк жок. Маданият мүнөзү жана формасы жагынан көп түрдүү. Маданияттын мурастары болуп тил, идея, ишеним, салт, кодекс, институт, курал, технология, искусство, жөрөлгө, каадалар эсептелет. Маданияттын өнүгүшү кийинки муундарга өтүү жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Маданияттын жашоосу аны колдоно билген адамдын жөндөмүнө жана колдонулушуна жараша болот.

Маданияттын типтери:

Көпчүлүк маалыматтарда маданиятты төмөнкүчө бөлүштүрүп келишет:

1. Улуттук маданият - кыргыз, орус, татар, өзбек, француз, немец улуттарынын тиешелүү маданиятынын өзгөчөлүгү бар.
2. Аймактык - америкалык, Америка континентине тиешелүү маданият же болбосо, африкалыктардын маданияты ал аймакка гана тиешелүү, азиаттыктар маданияты же славяндар маданияты ж.б.
3. Маданият тарыхый доорлорго жараша да бөлүнөт: Антикалык мезгилдин маданияты, Орто кылым маданияты ж.б.

4. Маданият формасы боюнча : саясий маданият, социалдык маданият, укуктук, экономикалык, экологиялык же этникалык маданият ж.б.
5. Жогорудагы маданияттын типтеринен башка массалык, элитардык, жаштар, жана маргиналдык маданият деп да бөлүнөт.

Маданият коомдук кубулуш катары аныкталган өзүнө тиешелүү фунцияларды аткарат. Бардык функциялар өз ара органикалык байланышта болот.

1.Таанып-билүүчүлүк же гносеологиялык функциясы;

2.Коммуникативдүүлүк функциясы;

3.Ченемдик же регулятивдик функциясы;

4.Гуманистиктик функциясы;

5.Баалуулук функциясы;

6.Кайра иштеп чыгуу функциясы;

Маданият адамдын социалдык жашоосунан ажырагыс нерсе, а коом болсо маданиятсыз болбойт. Ал эми маданият болсо деңгээли жана өнүгүүсү боюнча ар түрдүү шартта ар кандай болушу мүмкүн, аны адам абалына жараша өзгөртүп турат. Демек маданият адамдын өнүгүшүнүн ченеми болуп саналат.Маданият - адамдын спецификалык ишмердүүлүгү жана адамды башка дүйнөдөн бөлүп турган “гумандуулук дүйнөсү”.

Жашоонун кайсы гана сферасында болбосун, коомдун өнүгүшү сөзсүз түрдө маданияттын өзгөрүшү болуп эсептелинет.

Маданияттын өнүгүшүнүн булактары:

Инновация – коомду уюштурууда, анын жаңы ишмердүүлүгүнүн формаларын алдыга жылдырууда, коомдук болмушту өзгөртүүдө жаңы идея, образ, модель, принциптерди иштеп чыгуу.

Маданий мурас – коомдун бардык маданий жетишкендиктери, салттары, тарыхый тажрыйбалары улам жаңы доорго өтүүдө сакталуусу;

Өз ара мамиле диффузионизм, маданияттын таралышы – бул социалдык жана географиялык мейкиндикте, башка коомдун элементтери менен аралашып таралуу. Ал маданияттын баалуулуктарына, деңгээлинин факторлору таасирин тийгизет: А) байланыштын денгээлине жараша;Б) байланыштын шартына жараша; В) коомдун дифференциялануу абалына жана деңгээлине жараша;

Синтез – эки тараптын тең жекече сапаттуу мазмуну менен формасын бириктирип маданий кубулуштун, агымдын, стилдин моделдин социомаданий түзүлүшүн бириктирген жана өз ара аракеттеген түрдүү элементердин биримдиги. Маданияттын баалуулуктарынын тарашы коомдук билим берүү системасы аркылуу өтөт. Анын системанын өнүгүшү, сапаттуу мүнөзү коомдун рухий жашоосу жана өндүрүштүн кадрларынын абалына жараша болот. Бул жерде негизги ролду ммклар ойнойт. Маданиятты таркатуунун механизмдери болуп тираждоо, уникалдуу үлгү эсептелет.

Маданият адамдар тарабынан ойлоп табылып, генетикалык жактан муундан- муунга өтүп турат. Маданияттын феномени ушундай ал оригиналдуу түрдө гана өндүрүш буюмдарын жана абстрактуу формадагы аң – сезимди бириктирбестен адамдын өзүн коомдук адам кылып чыгарат.

Маданиятта эмгекти түзүүчүнүн социалдык-инсандык сапаты чагылдырылат. Ар бир адамзат коому жеке, спецификалык маданиятка жана социомаданий системага ээ.

Маданиятта тарыхый жактан түзүлгөн татаалдашкан система, анда материалдык жана рухий баалуулуктар, социалдык- маданий ченемдер, жүрүш-туруштарды уюштуруу жана өнүгүү процесси камтылган.

Адам курчап турган процесстердин бардыгына эле байкоо жүргүзүп, ага аяр мамиле кыла бербейт. Алсак, жаратылыш кубулуштарында, коомдо, адамдардын бардык жасаган иштеринде, сезимдеринде баалуулутун критерийлери ченемсиз экендиги чындык. Жашоо кызыкчылыгында жана адамдын жекече кабыл алуусунда баалуулук диапозону чектелүү болот.

Баалуулуктар тууралуу окуу философияда аксиология деп аталат. Азыркы илимдерде баалуулуктар жөнүндө аларды алып жүрүүчү субьектилер тууралуу айталы. Коомдук жашоодо баалуулуктардын негизги үч тобу бар: материалдуу, социалдык-саясий жана рухий баалуулуктар.

Материалдуу баалуулуктар - бул табигаттагы баалуу обьектилер жана предметтер, адам талап кыла турган эмгектин наыйжасында жаралган колдонулган нерселер. Табигаттын баалуулуктарына табигый баалуу байлыктары кирет. Предметтик баалуулуктарга болсо адам жараткан материалдуу дүйнөнүн предметтери жана маданий мурастар толугу менен камтылат.

Социалдык-саясий баалуулуктар – саясий кыймылдардагы, кубулуштардагы маанилүү болгон баалуулуктар, коомдун өсүп, гүлдөшүнө шарттаткан, тарыхый окуяларды камтыган эрежелер кошулат.

Рухий баалуулуктар - адеп-ахлак, илим, искусство, дин, укук ж.б. баалуулуктары коомдук аң-сезимдин ченемдик-баалоо тарабынын кубулушу. Адамдын жашоосундагы маанилүү баалуулук болуп ден соолук, өмүр, эркиндик ж.б. эсептелет.

Демек, адам жашоосунда баалуулуктар өзгөчө орунду ээлеп турат. Баалуулуктар коомдук жашоого, субьектилерге жана коомдун ролу менен жашоосуна ылайык классификацияланат.

## *Социалдык прогноз (божомол) жана келечек жөнүндө окуу*

Балким өзүнүн, балдарынын жана жашап жаткан өлкөсүнүн келечегине кызыкпаган адам болбосо керек. Келечекке кызыгуу анын жолун билүүгө көптөгөн илимпоздор да ойлонуп, коомдук көз караштарын айтып келишкен. Алдын-ала көрө билүү - бул келечекти билүү, чындыкта али да боло элек версиялар боюнча ой жоруу жана обьективдүү себеп жана натыйжаларга таянуу болуп саналат. Алдын-ала көрө билүү гносеологиялык жактан гипотезаларга жакын жана логикалык формада өткөндү таанып, келечекке багыт алууга мүмкүндүк берет. Алдын-ала көрө билүүнү жөндөмү, тактыгы боюнча 3 түргө бөлөбүз:

1. Күнүмдүк алдын-ала көрө билүү - адамдын жаратылышка жана коомго карата кайталанма байкоосунан улам пайда болот жана жеке тажрыйбасына таянат. Мисалы, аба ырайын байкоо, кечиндеси күн кызарып батса эртеси аябай ысык болоорун, асманда жылдыздар жайнап чыкса кышында күндүсү катуу суук болуп турат. Эрте күздө канаттуулар жылуу жактарга уча баштаса суук эртелеп түшөт, дарактар жалбырагын тез эле күбүсө анда да суук убак бат башталаары белгилүү.

2. Экинчи алдын-ала көрө билүүгө – интуиция – илимий тажрыйба менен логикалык ой корутундуга таянбай акыйкатка жетүү жолу. Ал акыйкатта туура болгонун алдын-ала кантип сезип туйганын билдире албайт. Мисаы, атактуу француз врачы Мишель Нострадамус 400 жыл мурун эле XX кылымдын илимий-техникалык ачылыштарын алдын-ала интуициясында айта алган. Мындай көрө билүүнү талкуулоого, версияларга таянууга да болбойт.

3. Илимий көрө билүү – жогорудагылардан айырмаланып, изилдөө процесси илимий таанымга таянып келет. Мында

жогорку деңгээлдеи эффективдүү жана так даана алдын-ала айтуулар кирет. Мисалы, байыркы грек философу Фалес тарабынан илимий багытта күндүн тутулуусун жеке илимий изилдөөсү менен айта алган.

Адам ишмердүүлүгүндө тааным социалдык, экономикалык, саясий, аскердик ж.б. алдын-ала көрө билүүнүн түрлөрүнө бөлүнөт. Мындай социалдык алдын-ала көрө билүүнү "прогноздоо" же божомолдоо деп атайбыз. Прогноздоо - бул алдын-ала көрө билүүнүн өзгөчөлүгү, илимий жактан бийик деңгээлде аныкталган, коомдук процесстерге ылайык негизделген, обьективдүүлүктү көрсөтө алат. Атайын социалдык изилдөөнү талап кылып, методологиясы жана техникасы менен айырмаланат.

Батыш өлкөлөрүндө жаңы илимдердин пайда болуу шартында алдын-ала көрө билүү да "футурология" деген атка ээ болгон. Футурология - грек тилинен *futurum* - келечек, *logos* - окуу дегенди түшүндүрөт. Алгачкы жолу Батыш Берлин университетинин профессору О.Флехтгайм терминди колдонгон.

Келечек жөнүндөгү окууда негизги теориялык жана илимий жактан бир нече мүнөздөмөлөр бар:

1. Прогноздоонун обьективдүү жана субьективдүү жактары – өткөндү, азыркыны жана келечекти байланыштыруу жолу менен таанымдагы тенденцияларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү, мүмкүнчүлүктөрдү салыштырып турат. Адамдын аң-сезими бардык тараптан жөндөмдүлүк формаларын талдап, жыйынтык чыгарат.
2. Теориялар менен бирдикте тыгыз байланышта болгондуктан прогноздоо үч функцияны аткарат: синтездеп, түшүндүрүп, божомолдойт. Теориялык жактан бул же тигил абалдын өнүгүш тенденцияларын изилдөөгө алат. Илимий жаңы чечимдер, тааным процессиндеги конкреттүү кыймылдар өз

жыйынтыгын берүүдө жаңы илимдер, практикалык ишмердүүлүктөрдү, акыйкаттуулукту калыпка салат.

3. Келечекти мезгилдештирүү менен реалдуу мүмкүнчүлүктөргө каршы чыкпай, чыныгы баа менен көз караштарды иштеп чыгат.
4. Атайын илимий билимдер аркылуу илимий методдорду кабыл алат. Анда тандоолордун жана эмпирикалык маалыматтарды анализдеп, жөндөмдүүлүктөрүн аныктайт. Илимий инструмент катары 200 ашуун методдор, жана келечекти таанып билүүнүн каражаттары бар.

Кайсы гана социалдык прогноздоону албайлы таанымдык жана идеологиялык функцияларды бириктирген анын төрт тиби бар:

1. Изденүү прогнозу – келечектеги социалдык обьектилердин абалын көрсөтөт.
2. Нормативдүү прогноз – башкарууну рационалдуу түрдө анализдөөнүн мүмкүнчүлүктөрүн келечектен азыркы учуруна түшүү процесси. Мында идеялар, гипотезалар, этикалык нормалар, коомдук идеалдар, максаттуу көрсөтмөлөр ж.б. түп-тамырынан бери коомдук процесстин мүнөзүн өзгөртө турган өзгөчөлүгү бар.
3. Аналитикалык прогноз – илимий максатта келечекти окуп-үйрөнүүнүн каражаты жана ар түрдүү методдорун аныктап, талдайт.
4. Абайлоо прогнозу- мында адамдардын жүрүш-турушу менен аң-сезимине түздөн-түз таасирин тийгизген божомолдор иштелип чыгат. Мисалы, келечектеги экологиялык катастрофалардын таасири ж.б.

Азыркы мезгилдин философиясында келечек тууралуу алдын-ала билүүгө төмөнкү аспектилерди карасак болот:

- онтологиялык;
- гносеологиялык;
- логикалык;
- нейрофизиологиялык;
- социалдык.

Онтологиялык аспектиде болмуштун маңызына карата т.а. обьективдүү мыйзамдардын себептик байланышы астында алдын-ала келечекти божомолдоого болот. Ар бир диалектикалык мыйзамдагы секирикке ылайык келечекти аңдап билсе, талдоо жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Гносеологиялык аспектиде тааным мүмкүнчүлүгү чексиз болгондуктан алдын-ала божомолдоо да ал категорияга таандык болгондуктан мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Логикалык аспекти - логиканын мыйзамдары канча мезгил өтсө да келечекте дагы өзгөрүүсүз бойдон калат.

Нейрофизиологиялык аспектиде мээдеги чындыкты чагылдырууга таянып, аң-сезим менен мүмкүнчүлүккө багыт алат.

Социалдык аспекти - келечектин моделин түзүү үчүн адам коомдук жана жеке тажрыйбасына таянат.

Демек, прогноздоо - адамзат үчүн эң маанилүү болуп саналат. Андан келечектеги муундардын тагдыры чечилет. Азыркы мезгилдин социалдык изилдөөлөрү келечекте “утопиядан” чыгып, илимге багыт алат. Адамзаттын келечеги үчүн дисциплинардуу комплекстүү изилдөөдө интеграция процессинде жыйынтыктуу божомолдор абдан зарыл.

**Адабияттар:**

1.Алексеев П.В. Панин А.В. Теория познания и диалектика. Москва -1991

2. Ильин В.В. Теория познания.Введение.Обүие проблемы. Москва- 1994

3.Современная западная философия Москва – 1991.

4.Современные философские науки: знания, реальность, ценнсоть в трудах мыслителей запада: Хрестоматия / Сост. А.А.Печенкин Москва – 1991

5.Проблема сознания в современной западной философии. Москва – 1989.

6. Человек как философская проблема. Москва – 1991

***Глоссарий:***

*А.*

*Абсолюттуулук* – чексиздик, эң бийик, эң жогорку.

*Абсолюттуулук идеясы* – Г.Гегелдин философиялык системасынын негизги категориясы, ал жаратылыштагы, коомдогу, адамдын аң-сезиминин өнүгүшүнүн материалдык эмес, обьективдүү жалпылыгы, чексиздиги.

*Абсолюттуу акыйкат* – акыйкат, - обьективдүү иш-аракеттер жөнүндө толук, ар тараптуу билимдер аталат.

*Абстрактуулук* – бир тараптуу түшүнүк, жалпылыктан бөлүнгөн бөлүк же бөлүктөн ажыраган жалпы жак.

*Абстрактуу ой жүгүртүү* – материалдуу дүйнөдөгү адамдын аң-сезиминде толук, багыттуу, жалпылыкка ээ болгон чагылдыруу.

*Агностицизм* - ( латын тилинен -) - философиялык окуу, т.а. дүйнө өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн четке каккан окуу. А. терминин алгач Г.Гексли негиздеген.

*Аксиология* – баалуулуктар теориясы, адам өзүнүн каалоосу, максаты, кызыкчылыгы үчүн керек деп эсептеген обьектилер жөнүндөгү жалпы түшүнүк. Мисалы: өмүр, ден соолук, сулуулук, акыл, билим, кыял, тилек, мээримдүүлүк ж.б.

*Акциденция* – (латын тилинен келип чыккан – кокустук) – субстанциянын негизсиз касиети, негизсиздик.

*Альтернатива* – (француз тилинен келип чыккан – экөөнүн бирөөсү) – эки же андан көп мүмкүнчүлүктөрдүн бирин тандоо.

*Альтруизм* – (француз тилинен келип чыккан – башка)- башкалардын жыргалчылыгы үчүн кам көрүү, башкалардын жеке кызыкчылыгы үчүн курмандыкка баруу.

*Антогонизм* – (грек тилинен келип чыккан – талаш, күрөш) - элдешкис карама-каршылык;

*Антиномия* – (грек тилинен келип чыккан – каршы) – эки абалдын өз ара карама-каршылыгы, ар бир абал логикалык жактан аныкталган.

*Антитезис* – (грек тилинен келип чыккан – карама – каршы абал) – тезиске карама- каршы коюлган абал;

*Антропогенез* – (грек тилинен келип чыккан – адамдын келип чыгышы) – адамдын коомдук маңыз катары калыптанышы жана өнүгүшү.

*Антропоморфизм* - (грек тилинен келип чыккан – адам, форма) – жаратылыштын кубулуштары жана предметтерин бөлүгү, адам касиетин бөлүп кароо.

*Антропосоциогенез* - материянын социалдык формасынын кыймылынын тарыхый процессии, адам жана коомдун калыптанышы.

*Антропосфера* – (грек тилинен келип чыккан – адам, шар) – адам, адамзат сферасы, социосферанын негизги подсистемасы;

*Антропоцентризм* – философиялык принцип, дүйнө башаты, ааламдын борборунда Адам турат деген философиялык принцип.

*Апатия* - (грек тилинен келип чыккан – ) – стоиктердин этика жөнүндөгү негизги түшүнүктөрүнүн бири, булл түшүнүк – жандын тынчтыгын, сезим, кумар аң- сезимдин ишмердүүлүгүнө жолтоoo болбогон түшүнүк.

*Апейрон* - (грек тилинен келип чыккан – чексиздик) – Байыркы греция философиясындагы термин, Анаксимендин оюу боюнча бардыгынын башаты апейрон деп эсептеген.

*Априордуулук* – ( латын тилинен келип чыккан ) – тажрыйбага көз карандысыз.

*Артефакт* - «цивилизация – маданият» системасындагы адамдын жасалма түзүлүшү.

*Архе* - (грек тилинен келип чыккан – башаты) – Байыркы Греция философиясындагы универсалдуу башталыш деген түшүнүк.

*Атомизм* – Байыркы Греция философиясындагы бардыгынын башаты, субстанциясы «атомдон» турат деген түшүнүк. Демокриттин оюу боюнча материя да, жан, аң-сезим дагы эң майда бөлүк атомдордон турат.

*Атрибут* – ( латын тилинен келип чыккан - данное ) – субстанциянын бөлүнгүс касиети.

*Аалам* – мейкиндиктеги, убакыттагы чексиздик, түгөнгүс курчаган дүйнө .

*Адам* – тирүү маңыз, анын катимки талаптары бар, биопсихологиялык жандык

*Адамзат* – Жер планетасында жашаган адамдардын жыйындысы.

*Акыйкат* - субьект аркылуу таанылган обьектинин адекваттуу чагылышы.

*Атараксия* – Байыркы Грециядагы акылмандардын жандын тычтыгы , жандын абалы жөнүндөгү философия.

*Аутенттик* - (грек тилинен келип чыккан ) - нак өзү, алгачкы булактардан келип чыгуу.

*Адашуу* – коомдук –тарыхый практиканын чектелген учурундагы билимдердин бурмаланышы.

*Б.*

*Башка* – «Мага» жана «мен» үчүн «чоочун» б.а., «Мен» эмес. 20-кылымдын философиясындагы «Башка» түшүнүгү интерсубьективдүүлүк, коммуникация жана диалог менен байланышта каралат.

*Байкоо* – обьект жөнүндө таанымда сезимдик маалыматтарга таянып, кубулуштун кыймылын жана предметтерди толугу менен кабыл алган эмпирикалык изилдөөнүн баштапкы этабы.

*Байланыш* – тигил же бул кубулуштагы өзгөрүү сөзсүз түрдө башка кубулуштагы өзгөрүү менен тең салмактагы мамилеси.

*Баалуу багыт* – индивид же топ белгилүү учурда керектүү кыймылдарды тандап алып, толугу менен тигил же бул баалуулук үчүн жүргүзгөн аракети.

*Биогеоценоз* – (грек тилинен келип чыккан – жашоо, Жер, жалпы) – өз ара энергия, органикалык жана органикалык эмес факторлорду алмаштырган компоненттердин табигый татаал системасы.

*Биологиялык* – (грек тилинен келип чыккан – жашоо) – өзгөрүү шартындагы тирүү жаратылыштын өзгөчөлүгүн мүнөздөгөн касиет.

*Биологиялык багыт* – 20 - кылымдын 2 - жарымындагы биологиялык закондордун коомдук жашоого өтүүдөгү жалпы белгилери жөнүндөгү философиялык багыт.

*Болмуш* – адамдын аң-сезимине көз карандысыз, обьективдүү жашаган реалдуулукту белгилеген философиялык категория.

*Бөлүк* – бүтүндүн элементтерин белгилеген философиялык категория.

*В.*

*Верификация* – ( латын тилинен келип чыккан – чыныгы, жасайм) – 20-к. философиясндагы позитивизм багытынын бөлүгү

*Волюнтаризм* – ( латын тилинен келип чыккан - эрк) –

*Вульгардык материализм* – 19-кылымдын ортосундагы философиялык агым.

*Г.*

*Гармония* – (грек тилинен келип чыккан – карама-каршы) – философиялык эстетикалык категория.

*Гелиоцентризм* – (грек тилинен келип чыккан – Күн жана борбор) – Күн системасынын негизги телосу Күн болуп саналат.

*Генезис* – (грек тилинен келип чыккан –келип чыгуу) – пайда болуу, жаралуу процесси.

*Гилозоизм* – (грек тилинен келип чыккан – материя жана жашоо) –

*Гносеология* – (грек тилинен келип чыккан – билим окуу) – адамдын жашоо ишмердүүлүгүндөгү эң негизги роль тааным болуп саналат. Таанып билүү процессии эң татаал процесс.

*Гуманизм* – ( латын тилинен келип чыккан – адамгерчилик)- адамды баарынан жогору, бийик, ар тараптуу, өнүккөн, эркин деп балаган көз караш.

*Д.*

*Демография* – (грек тилинен келип чыккан – эл , жазуу ) – калктын санын эсепке алуу тууралуу илим, анын курамы (жашы, кесиби, дини, этникасы) жана динамикасы (төрөлүшү, өлүмү, миграция) жөнүндө.

*Деонтология* – (грек тилинен келип чыккан – керектүү окуу) – социалдык зарылчылык катары нравалык форма үчүн парыздык, моралдык талаптарды караган этиканын бөлүгү.

*Дескриптивдүү этика* - тигил же булл коомду конкреттүү социологиялык жана тарыхый жактан моралдык негизде анализдөө, этиканын бир бөлүгү.

*Диалектика* (грек тилинен келип чыккан - ) – жаратылыштын , коомдун, ой –жүгүртүүнүн өнүгүшү жөнүндөгү жалпы окуу.

*Динамикалык мыйзамдар* – обьектинин касиетин, өзүнчө бир обьекти үчүн кабыл алынган мыйзам.

*Дискурс* (латын тилинен келип чыккан талкуулоо) – коммуникативдүү, постструктуралык философияга тиешелүү логикалык түзүлүш.

*Дихотомия* – (грек тилинен келип чыккан – эки бөлүккө бөлүү) – бүтүндү эки бөлүккө бөлүү.

*Догма* – (грек тилинен келип чыккан – көз караш) – абал, аныктамасы жок талашсыз конкреттүү шарттары эсепке алынбаган абал.

Доктрина – (латын тилинен - ) – окуу, илимий – философиялык теория, теориялык же саясий принципти жетектеген философиялык окуу;

*Дуализм* – ( латын тилинен – экилик) – монизмге каршы, эки негиз , эки субстанция деген философиялык окуу;

*Дүйнөгө болгон көз караш* – дүйнөнү түшүнүү, андагы адамдын тарыхый келип чыгышы, орду, ролу, жалпы эле көз караштардын, баалуулуктардын, принциптердин жыйындысы;

*Ж.*

*Жашоо* – материянын коомдук Жана биологиялык кыймылынын жашоосу анын негизги касиети болуп өнүгүү, көбөйүү, өсүү;

*Жекелик* – белгилүү бир предмет, көрүнүшкө таандык болгон кайталангыс философиялык категория;

*Жалпылык* – кыймылдардын жалпылыгын мүнөздөгөн кеңири түшүнүк;

*Жасалма курчаган чөйрө* – жандуу эмес жаратылыш эле эмес, анда тирүү организмдер:

өсүмдүк, жаныбарлар Адам тарабынан жасалма жол менен алынгандар кирет.

*И.*

*Императив* – (латын тилинен – повелительный) – талап, шарт, жүрүш-туруш; категориялык императив – И. Канттын этикасында жалпы сөзсүз түрдө аткара турган каада-салттар анны адамдар социалдык абалына карабастан баш ийүүсү керек.

*Индетерминизм* – (грек тилинен не+определять) – дүйнөдөгү кубулуштардын келип чыгуу себептерин жокко чыгаруу;

*Интеллигибелдуулук* –(латын тилинен – ой жүгүртүү) – 1)сезимдик тааным менен эмес бир гана акыл менен жеткен эң жогорку таасирдүү сезим;

2) ойдон чыгарылган, реалдуулукка жакын эмес, табияттан сырткары;

Интуиция – (латын тилинен - кунт коюп кароо)-аныктамасы жок акыйкатка жетүү жөндөмдүүлүгү;

*Информация* – ( латын тилинен – түшүндүрүү)- кандайдыр бир берилген билимдердин маалыматтарынын жыйындысы. Кибернетиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири.

*Иррационализм* – (латын тилинен акыл-эссиздик) –акыл –эстин , ой жүгүртүүнүн, таанымдын мүмкүнчүлүгүн чектеген философиялык окуу;

*Искусство* – кыймыл, ишмердүүлүк көркөм образда чагылдырылган коомдук аң-сезимдин эстетикалык формасы;

*Ишмердуулук* – курчаган чөйрөгө карата болгон адамдын спецификалуу, активдүү формасы, анын мазмуну толук багыттуу өзгөрүүгө жана кайра өзгөрүүгө карата багытталган кыймыл;

*К*

*Квиентизм* – (француз тилинен - тынч) – пассивдүүлүк, реалдуулукка мамилеси жок;

*Кибернетика* – (грек тилинен – башкаруу искусствосу) – адамдын уюштуруусундагы тирүү организмдеги, техникалык түзүлүштөрдөгү башкаруу системалары Жана жалпы процесстери жөнүндөгү илим.

*Конвенционалдуу* (латын тилинен )-шарттуу, салтка ылайык кабыл алуу;

*Консенсус* – (латын тилинен келип чыккан) – кандайдыр бир келишим же  көз караштардын макулдашуусу

*Концепция* – (латын тилинен – түшүнүү, система) – теоиялардын негизги идеясы; кандайдыр-бир көрүнүш, окуяларды түшүнүү, ага мани берүү, тигил же булл процесстерге, кубулуштарга карата болгон көз караштардын системасы;

Конфликт – (латын тилинен – кагылышуу) – көз караш. Кызыкчылыктардын каршы келүүсү, пикир келишпестик.

*Кардоцентр* – (грек тилинен – жүрөк, борбор)- «жүрөк философиясы», философиядагы багыт жана методологиялык дүйнөгө болгон  көз караш, анда адамдын маңызы катары акыл-эс эмес, жүрөк  эсептелет.

*Корреляция* – (латын тилинен ) – көрүнүш, кубулуш, предметтердин өз ара байланышы, өз ара мамилеси.

*Космополитизм* – (гек тилинен -) – дүйнөлүк  атуулдуктун идеологиясы;

*Креационизм* – (латын тилинен – жаратуу) -  диний-идеалисттик окуу, Аалам, дүйнө «Кудайдын күчү менен» түрдүү образда жаралгандыгын түшүндүрүү;

*Критерий* – (грек тилинен)- белги , анын негизинде аныктама берилип, классификацияланып, бааланат.

*Л.*

*Легалдуу* – (латын  тилинен –закондуу) -  мыйзамдуу, уруксат берилген;

*Левиафон* – ( байыркы еврей тилинен -) – Библиялык  желмогуз;

*Логос* – ( грек тилинен – сөз) – Байыркы Грециянын философиясындагы жалпы мыйзам, дүйнө негизи, анын гармониясы жана ирээттүлүк;

*Логикалык позитивизм* - философиядагы позитивизм багыты;

*Львов-Варшава мектеби* – польшалык философтор мектеби;

*М.*

*Массалык аң-сезим* – калктын көпчүлүгүн түзгөн жалпы коомдук аң-сезимдин деңгээли анда субьект катары адамзатка тиешелүү маалыматтар кирет.

*Материализм* – (латын тилинен – заттык) – философиядагы идеализмге каршы келген багыт.Анда материя биринчи, рух, идеалдуулук экинчи деп каралат.

*Материалдык баалулук* – табигый предметтердин жана обьектилердин баалуулуктары , т.а. зарыл түрдө колдонулуучу эмгек куралдары.

*Материя* – обьективдүү реалдуулукту белгилөөчү философиялык категория; реалдуу обьективдүү нерселердин бардыгы материя болуп эсептелет.

*Менталдуулук* – (латын тилинен – рухий, акыл-эстүүлүк)- белгилүү бир улуттун , элдин, адамдын акыл ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү;

*Маңыз* – өнүгүүнүн обьективдүү жашыруу, ички, туруктуу жактарын белгилеген философиялык категория;

*Мазмун* – белгилүү бир предметти көрсөткөн элементтердин жыйындысы, философиялык категория;

*Максат* – идеалдуулук, адамдын ишмердүүлүгүнүн аныктлган жыйындысы, ал кадимки талаптарга багытталган аракет.

*Мейкиндик* – материянын жашосунун негизги обьективдүү формасы;

*Мистика* – ( грек тилинен- жашыруун) - жогорку табигый күчтөргө ишенген диний – идеалисттик көз караш;

*Миф* – (грек тилинен – уламыш) – дүйнөнүн келип чыгышы жөнүндөгү алгачкы байе көз караштар;

*Моделдөө* – обьектилерди таанууда аларды изилдөөнүн модели;

*Монада* – (грек тилинен - жекелик) – кубулуштардын негизи, алгачкысы, бөлүнгүс бирдиги, эң жөнөкөй философиялык системалардын катары.

*Мыйзам*- бул материалдуу жана рухий кубулуштардын мүнөзүн аныктаган жана алардын өнүгүшүнүн кыймылы менен багытынын жалпы, туруктуу, зарыл, маңыздуулугун, обьективдүүлүгүн билдирген байланыш.

*Мыйзамченемдүүлүк* – өтө кеңири түшүнүк, мыйзамдардын өз ара байланыштарында көрүнөт.

Н.

Неогегелянство – Г.Гегелдин теортикалык окуусуна негизделген, философиялык идеяларын жалпылаган, Батыш Европа, АКШ жана Россияда жайылган окуу. «Кудай –Адам» диалектикалык образда бириктирүү;

*Ноосфера* – (грек тилинен - акыл катмары) – өнүгүүнүн негизги фактору болгон аң-сезимдүү адамдын ишмердүүлүгүнүн негизинде жаратылыш менен коомдун өз ара аракетинин сферасы.

*Ноумен* –(грек тилинен – акыл менен таануу) - түшүнүк, алгач Платон негиздеген термин. И.Канттын философиясында таанылгыс маңыздарды «веүи в себе» деп атаган.

*О.*

*Образ* - философияда - адамдын аң-сезиминдеги чагылышкан обьектилердин жыйынтыгы;

*Обьект* – (латын тилинен – предмет)- адамдын тааным жана кайра иштеп чыгу ишмердүүлүгү багытталган нерсе.

*Обьективдүү диалектика* - обьективдүү дүйнөнүн, жаратылыштын жана коомдун диалектикасы;

Обьективдүү чындык – аң-сезимден тышкары болмуш, материалдуу дүйнөнүн жалпы аныктамасы;

*Онтология* – (грек тилинен – маңыз +окуу) – философиялык билимдердин өзүнчө бөлүгү, материя, кыймыл, өнүгүү, мейкиндик, убакыт жана башка дүйнө болмушунун маңызын изилдейт.

*Онтологизм* – Байыркы Грециянын бирдиктүү бөлүнгүс болмуш жөнүндөгү философиялык окуу;

*Организм* – (латын тилинен – бүтүндүк) – бардык жандуулар кирет, курчаган чөйрйгй ылайыкташкан өз алдынча жашай алган бүтүн система;

Ой жүгүртүү - обьективдүү реалдуулуктун активдүү түрдө чагылдыруунун эң жогорку формасы:

*П.*

*Пантеизм* – (грек тилинен - бары Кудай) – 1.Натуралисттик пантеизм - жаратылышты тирүү, Кудайдын касиети менен өзгөчөлөнткөн;

2) мистикалык пантеизм – бардыгы Кудайда т.а. жаратылышты да Кудай деген көз караш;

*Персонализм* - ( латын тилинен – инсандык) - азыркы философиянын диний – идеалисттик багыты; Инсан алгачкы реалдуу жана эң жогорку рухий баалуулук; дүйнө Кудайдын активдүүлүгүнөн жаралган.

*Плюрализм* – ( латын тилинен ар түрдүүлүк) - бири-бирине дал келбеген жана бир нече көз карандысыз көптүктөн дүйнө негизи келип чыккан деген философиялык концепция;

*Позитивизм* – ( латын тилинен – оң) – 20-кылымдын философиясындагы багыт:

*Постпозитивизм* - 20-к. 60-70-ж. жаралган жаңы философиялык агым неопозитивизмдин айрым жетишпеген жактарын кайра иштеп чыккан.

*Прагматизм* – (грек тилинен –иш, кыймыл) – Батыш философиясынын бир багыты. Бардык сфераны кыймыл менен байланыштырат.

*Практика* – (грек тилинен - ишмердүү) – социалдык табигый обьектилерди кайрадан иштеп чыгуудагы негизги мазмун болгон материалдуу, сезимдик-предметтик, толук багыттуу адамдын ишмердүүлүгү. Ал практика адамдын таанымын жана коомдун өнүгүшүнүн кыймыл күчү болуп саналат.

*Пропорция* - ( латын тилинен – чен-өлчөмү дал келүү) – предметтердин бүтүндүгү жана бөлүктөрүнүн мыйзмга ылайык дал келүүсү;

*Психика* - (грек тилинен – жан) –субьективдүү образ формасында практикалык иш аракеттерди тирүү маңыз катары чагылдыруу жөндөмдүүлүгү;

Р.

*Рационализм* - (латын тилинен – акыл-эстүүлүк) – тааным теориясындагы багыт, иррационализмге каршы келгет, адамдын жүрүш-турушундагы, таанымындагы негизги каражатты акыл менен аныктоо;

*Революция* - (латын тилинен – бурулуш)- кооомдун, таанымдын, жаратылыш кубулуштарынын өнүгүшүндөгү терең жана сапатту өзгөрүш;

*Регресс* –(латын тилинен тескери кыймыл) - обьектилердин жогорку деңгээлдеги татаалдыктан төмөнкү деңгээлдеги татаалдыкка сапаттык абалынын өтүшү:

*Рух* – тар маанидеги ой –жүгүртү түшүнүгү менен байланышта; идеалдуулук, материалдык башталышка каршы келген түшүнүк;

*С.*

*Семиотика* – (грек тилинен – белги) – адамдын өзүндөгү, коомундагы, жаратылыштагы белгилик системалардын касиети, маалыматтарды берүү жөндөмдүүлүгү жөнүндөгү илим.

*Синкретизм* – (грек тилинен – биригүү) – бөлүнгүс. Тигил же булл кубулуштардын бөлүнгүс абалын мүнөздөө. Философияда эклектиканын көп түрдүүлүгүнө жакын.

*Социосфера* - жерге жакын мейкиндик, анда адамзат тарабынан өзгөртүлгөн жаратылыш каражаттарын да кучагына алган катмар.

*Субьект* – (латын тилинен - ) –дайыма активдүү кыймылдагы эркке, аң-сезимге ээ болгон индивид же социалдык топ.

*Субьективдүү диалектика* - диалектикалык логика; адамдын аң-сезиминдеги обьективдүү диалектиканын чагылышы;

*Субективдүү идеализм* - идеализмдин көп түрдүүлүгү.

*Т.*

*Тейярдизм* – азыркы мезгилдин философиясындагы багыт. Адамзатты рухий кризистен сактоо үчүн болгон дүйнөгө болгон жаңы көз караш.

*Теория* – (грек тилинен – карап чыгуу) – илимий билимдердин формасы; обьектилердин мүнөздөрүнүнү маңызын жана закон ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү толук түшүнүк берген илимий билимдердин формасы;

*Технология* - ( грек тилинен – илим +искусство, чеберчилик) – азык – түлүктөрдү даярдоодо процесстерде колдонула турган ыкмалардын жыйындысы;

*Табигый курчаган чөйрө* – булл гео жана биосфера, т.а. адамга көз карандысыз жашаган, өсүп-өнүккөн материалдык системалардын жыйындысы;

*Табигый-илимий мыйзам* – ишенимге эмес, фактыга негизделген теория. Түшүнүк, талкуулардын логикалык түрдө курчаган чөйрө жөнүндөгү билимдери.

*Ф.*

*Факт* – (латын тилинен – жасалган ) – изилдөөнүн обьектиси катары чындыгында болгон окуя, кубулуш, процесстин чындыгы;

*Феноменология* – (грек тилинен - ) азыркы Батыш философиясындагы багыт.

*Философиялык антропология* – адамдын жаралуусу, келип чыгуусу жөнүндөгү философиялык окуу;

*Физикализм* - кайсы гана илим болбосун анны физиканын тилине которууу аркылуу акыйкатка жетүү, неопозитивизмдин бир концепциясы;

*Форма* – мазмундун сырткы келбетин аныктаган филлософиялык категория;

*Франкфурт мектеби* – немец философиясындагы солчул радикалдуу багыт.

*Фрейдизм* – З.Фрейддин психологиялык окуусу жөнүндөгү түрдүү мектептер. Фрейдизм окуусунун негизинде бейаңсезим психикалык процесстерди изилдөө жатат.

*Х.*

*Христиандык антропоцентризм* - И.Христостун окуусуна таянган философиялык көз караш. Анда адам бүтүн дүйнөнүн борбору болуп саналат.

*Ч.*

*Чындык* – адамга анын таанымына көз карандысыз, кандай пайда болсо дал ошондой кабыл алынган обьектинин субьектиде адекваттуу чагылдыруусу;

*Ченем* – предметтин жашоосундагы сандык чек, аныкталган сандык интервал, анда предмет өз сапатын сактап калат.

*Чагылдыруу* – обьекти чагылдыргн материянын жалпы касиети.

*Чыгармачылык* – мурда болбогон сапаттуу жаңы адамдын ишмердүүлүгүнүн продуктысы;

*Э.*

*Эволюция* – (латын тилинен алынган – өнүгүү) – өнүгүү, акырындык менен жайбаракат сандык өзгөрүүдөн сапаттык өзгөрүүгө өтүү процессии.

*Эвтаназия* – (грек тилинен – мээримдүүлүк + өлүм) – өлүмдү тездетүү же оорулууну азапка салбай тез, коркунучсуз өлтүрүү абалы;

*Экзистенциализм*  - () 20-кылымдагы иррационалисттик багыт; дүйнөгө болгон жаңыча  көз караштындагы түзүү аракети.

*Экология* – (грек тилинен – үй + окуу0 –илимдин бир багыты, анда курчаган чөйрй менен адам коомунун өз ара мамилесин үйрөтөт.

*Элемент* – (латын тилинен – стихия , алгачкы башталыш) – өз ара байланыштагы  бүтүндүктүн бөлүгүн аныктаган философиялык категория4

*Элементардык бөлүктөр* – материянын  обьектиси;

*Энергетизм* – жаратылыштын бардык кубулуштарынын өзгөрүшү энергиянын  өзгөрүүсү аркылуу жүрөт деген идеалисттик философиялык концепция;

*Эсхатология* – (грек тилинен – акыркы окуу) – дүйнөнүн жана адамдын жашоосунун акыры жөнүндөгү диний-философиялык окуу;

*Эстетика* – адамдын көркөм ишмердүүлүгүнүн сферасы менен адамдын дүйнөнү баалуулук катары караган эстетикалык сферасынын ортосундагы байланыш жөнүндөгү  философиялык окуу;

*Этатизм* – (француз тилинен – мамлекет) – коомдун өнүгүүсүнүн максатына жана эң жогорку  жыйынтыгына карата багытталган коомдук ойлор;

*Этика* – (грек тилинен – каада, мүнөз) – адеп-ахлак жөнүндөгү философиялык окуу;

*Этикет* – (француз тилинен ярлык) – дамдардын өз ара мамилеси, жүрүш-турушунун эрежелеринин жыйындысы, коомдун тышкы маданиятынын бөлүгү;

*Эрк* – алдыга коюлган максатка жетүү үчүн коюлган ички күрөштүн жөндөмдүүлүгү;

*Ө.*

*Өзгөрүү* – обьектинин бир абалдан башка абалга өтүүдөгү касиетинин, байланышынын, мамилесинин жок болушу, айырмачылыгы, өнүгүшү, кыймылы.

*Өзгөчөлүк* – бир түрдүү көрүнүштүн экинчи бир түрдүү көрүнүштөн спецификалык касиети менен айырмаланып турушу жөнүндөгү философиялык категория;

*Өнүгүү* – материалдуу жана идеалдуу обьектилердин эскиден жаңыга, бир сапаттан экинчи абалга өтүүдөгү закон ченемдүү, толук багыттуу, кайталангыс эң жогорку кыймыл.